**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2011-жылдын I чейреги

**2011-жылдын апрель айы**

**Бишкек**

*Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама*

Редакциялык кеңеш:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Чокоев З.Л. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Урустемов С.А. |
| | Исакова Г.А. |
| | Ыктыбаев А.Э. |
| Жооптуу катчы: | Айдарова А.К. |

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-52 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы
aaidarova@nbkr.kg электрондук дареги боюнча кайрылсаңыздар болот.

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-09 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.кg

Басылма, республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын жана инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2011-жылдын 24-апрели.

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет Министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

ЖЧК "Line Print" басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2011-жыл.

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Аталган басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өткөн жыл ичинде бүткөргөн иши жөнүндө отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банктын акча-кредит саясаты жөнүндө кыскача маалыматты, финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма, Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылма, Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү тенденцияларды жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз, эл аралык инвестициялык позиция боюнча маалыматтарды камтыйт. Басылма, чейрек сайын – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***

Финансылык ортомчу катары Кыргыз Республикасынын банк тутумунун өнүгүшүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү, турукташууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктарды, ошондой эле бүтүндөй банк тутумунун туруктаушуусунун курамдык элементтерине баа берүү, аталган басылманын максаты болуп саналат. Басылма, жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Басылма, коммерциялык банктарга жана коомчулукка Улуттук банктын иши жөнүндө маалыматтарды жарыялап туруу жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын пропагандалоо максатында, Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банктын пресс-релизи жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн Улуттук банкка жана банк тутумуна тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда апта ичинде болуп өткөн орчундуу жана башка маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

**МАЗМУНУ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ............................5

1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш...................5
1.1.1. Суроо-талап..................................................................................................6
1.1.2.Сунуш..........................................................................................................9
1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар...................................................................12
1.3. Тышкы экономикалык шарттар..................................................................................16
1.4. Валюта курсу...........................................................................................................20

2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР..............................................................21

2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына анализдөөлөр..................................21
2.1.1. Азык-түлүк товарларына карата баалардын динамикасы........................................21
2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын динамикасы.......................................23
2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баалардын динамикасы.......................................................24
2.1.4. Аймактарда керектөө бааларынын динамикасы.......................................................24
2.2. Базалык инфляция....................................................................................................25

3-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН
АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ..............................................................27

3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери.........................................................27
3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери.....................................28

4-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДООЛОР.................................................30

4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор...........................30
4.2. 2011-жылга жана 2011-жылдын II-чейрегине карата инфляциялык болжолдоолор......32

СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ..........................................................................................35

ГЛОССАРИЙ.....................................................................................................................39

КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ..........................................................................43

# 1-глава. Кыргыз Республикасындагы экономикалык абал

## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш

### 1.1.1. Суроо-талап

2011-жылдын январь-март айларындагы алдын-ала алынган маалыматтар боюнча ИДПнын көлөмү 2010-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 0,4 пайызга көбөйүү менен күндөлүк баада 46,6 млрд. сомду түзгөн, ал эми өткөн жылдын январь-март айларында ИДПнын көлөмү 16,8 пайызга өскөн эле. «Кумтөр» алтын кенин иштетүү боюнча ишканаларды эске албаганда, ИДПнын көлөмү кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде 1,8 пайызга (2010-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча тиешелүү көрсөткүчтүн өсүшү 8,9 пайыз чегинде катталган) өскөн. 2011-жылдын биринчи чейрегиндеги алдын-ала алынган маалыматтар боюнча ИДПнын дефлятору өткөн жылдын январь-март айларындагы 2,9 пайызга караганда 14,0 пайыз чегинде түптөлгөн.

2010-жыл үчүн чыгашалардын түрлөрү боюнча ИДПнын түзүмүндөгү өзгөрүүлөр[1] өндүрүштүн көлөмүнүн төмөндөөсү, эң оболу негизги капиталга инвестициялардын кыскаруусунун алкагында, дүңүнөн топтоолордун төмөндөөсүнө шартталган.

**1.1.1-таблица. Чыгашалар боюнча ИДПнын реалдуу өсүш арымы**
*(өткөн жылдын тиешелүү чейрегине/мезгилине карата чейрек/мезгил, пайыздарда)*


| | 2009 | | | | 2009 | 2010 | | | | 2010 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | I | II | III | IV | | I | II | III | IV | |
| **Колдонулган ИДП** | **98,6** | **99,9** | **104,8** | **105,2** | **102,9** | **116,8** | **94,8** | **91,7** | **98,4** | **98,6** |
| Түпкү керектөө | 85,6 | 78,7 | 94,1 | 91,9 | **88,1** | 101,8 | 105,2 | 104,7 | 103,5 | **103,9** |
| Жекече керектөө | 84,6 | 76,8 | 93,9 | 90,1 | **86,9** | 101,9 | 105,6 | 104,9 | 103,9 | **104,1** |
| Үй чарбасы | 83,0 | 73,5 | 93,4 | 88,6 | **85,4** | 102,1 | 106,4 | 105,3 | 104,4 | **104,6** |
| ҮЧТКУ | 101,8 | 99,4 | 97,8 | 102,6 | **100,4** | 102,7 | 101,5 | 101,8 | 101,9 | **102,0** |
| Мамлекеттик мекемелердики | 98,7 | 101,3 | 100,4 | 101,5 | **100,7** | 99,8 | 100,9 | 101,2 | 100,2 | **100,5** |
| Жамааттык пайдалануу | 100,1 | 101,7 | 97,2 | 107,6 | **102,4** | 100,8 | 102,0 | 102,7 | 101,2 | **101,7** |
| Дүң топтоо | 76,1 | 89,3 | 91,6 | 108,9 | **95,1** | 86,1 | 92,2 | 85,8 | 109,6 | **95,5** |
| Экспорт | 109,4 | 118,6 | 91,5 | 87,2 | **98,9** | 132,1 | 78,3 | 86,9 | 96,7 | **95,8** |
| Импорт | 83,7 | 80,0 | 78,9 | 80,7 | **80,6** | 100,4 | 98,6 | 101,7 | 104,7 | **101,6** |

*Булагы УСК*

Калайык-калктын кирешелеринин дифференциациясы мурдагыдай эле, жогору бойдон калууда. Акчалай кирешелердин жалпы көлөмүн калктын беш тобу боюнча бөлүштүрүү жогорку кирешелүү топтун пайдасына түптөлөт. Алсак, кыйла камсыз болгон топтун кирешелеринин үлүшү 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 5,2 п.п көбөйүү менен калктын кирешелеринин жалпы көлөмүнүн 43,8 пайызын түзгөн. Ал эми начар камсыз болгон калктын үлүшү 6,9 пайызды түзүү менен 2,2 п.п. өскөн.

[1] Мында жана мындан ары текст боюнча: кыйла мурунку мезгилге карата шилтемелер 2011-жылдын биринчи чейреги үчүн маалыматтардын жоктугу менен шартталган.

**1.1.1-сүрөт. Калктын квинтиль топтору боюнча акчалай кирешелеринин түзүмү**
*(жыл башынан тартып)*




Өткөн жылдын биринчи чейрегиндеги алдын-ала алынган маалыматтар боюнча жеке адамдардын акчалай каражаттарынын акча которуу системалары боюнча агылып кирүүсүнүн өсүшү катталган. Таза агылып кирүүнүн жалпы көлөмү отчеттук жылдын январь-март айларында 35,1 пайызга өскөн, ал эми 2010-жылдын январь-март айларында акчалай которуулардын агылып кирүүсү 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 30,9 пайызга өскөн. Акчалай которуулардын негизги үлүшү КМШ өлкөлөрүнөн (Россиядан– 94,0 пайыз, Казакстандан – 1,5 пайыз), ал эми алыскы чет өлкөлөрдөн жеке адамдардын акча каражаттарынын агылып кирүүсүнүн жалпы көлөмүнөн 4,5 пайыз түшкөн.

**1.1.2-таблица. Акча которуулар системасы боюнча жеке адамдардын акча которуулары**
*(млн. АКШ долл.)*

| | 2008 | 2009 | 2010 | 2010-ж. янв-март | 2011-ж. янв-март** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Сальдо** | **1 138,2** | **893,2** | **1 124,9** | **192,2** | **259,7** |
| **Агылып кирүүлөр** | **1 205,5** | **966,7** | **1 252,6** | **211,3** | **296,4** |
| КМШ өлкөлөрү | 1 141,4 | 894,4 | 1 199,3 | 198,0 | 283,0 |
| Казакстан | 27,9 | 31,4 | 35,0 | 5,5 | 4,5 |
| Россия | 1 113,5 | 862,9 | 1 164,3 | 192,4 | 278,6 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 64,1 | 72,3 | 53,3 | 13,3 | 13,4 |
| Бельгия | 0,5 | 0,5 | 0,2 | 0,1 | 0,1 |
| Улуу Британия | 1,8 | 1,4 | 1,4 | 0,3 | 0,4 |
| Германия | 0,2 | 0,7 | 9,9 | 1,7 | 4,7 |
| АКШ | 61,4 | 69,5 | 41,7 | 11,2 | 8,1 |
| Жана башкалар | 0,2 | 0,3 | 0,1 | 0,0 | 0,1 |
| **Агылып чыгуулар** | **67,3** | **73,6** | **127,6** | **19,1** | **36,7** |
| КМШ өлкөлөрү | 65,0 | 71,8 | 125,8 | 18,6 | 36,2 |
| Казакстан | 2,5 | 0,7 | 0,4 | 0,0 | 0,2 |
| Россия | 62,5 | 71,1 | 125,4 | 18,6 | 36,0 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 2,3 | 1,8 | 1,8 | 0,5 | 0,5 |
| Бельгия | 0,1 | 0,2 | 0,5 | 0,1 | 0,1 |
| Германия | 0,4 | 0,4 | 0,3 | 0,0 | 0,3 |
| АКШ | 1,7 | 1,1 | 0,9 | 0,2 | 0,2 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,1 | 0,2 | 0,1 | 0,0 |

* Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр ж.б. системалар боюнча которуулар жана «Кыргызпочтасы» МИ аркылуу которуулар.

**алдын ала алынган маалыматтар.

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын-ала маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин профицити 2011-жылдын январь-февраль айлары үчүн 2,4 млрд. сомду же ИДПга карата 8,1 пайызды (2010-жылдын ушундай эле мезгилинде мамлекеттик бюджеттин профицити 0,9 млрд. сомду же ИДПга карата 3,4 пайызды) түзгөн.


Мамлекеттик бюджеттин кирешелери же алынган расмий трансферттер өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 23,0 пайызга көбөйүү менен 9,8 млрд. сомду же ИДПга карата 33,6 пайызды түзгөн. Мында салыктык кирешелер жана салыктык эмес түшүүлөр мамлекеттик бюджеттин операциялык иштен кирешелеринин 17,5 пайызга өсүшүнө салым кошкон, ал эми расмий трансферттердин түшүүлөрүнүн салымы 5,5 пайыз чегинде каталган.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерге жалпы чыгашалары 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 4,0 пайызга же 271,7 млн. сомго көбөйүү менен 2011-жылдын январь-март айларында 7,1 млрд. сом же ИДПга карата 24,5 пайыз чегинде түптөлгөн. Бюджеттик чыгашалардын күндөлүк керектөөгө көбөйүү тенденциясы белгиленген. Алсак, эмгек акыга чыгашалар жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна, ошондой эле 2011-жылдын январь-февраль айлары үчүн социалдык жөлөк пулдарга чегерүүлөр 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 12,4 п.п. көбөйүү менен операциялык иштерге мамлекеттик чыгашалардын жалпы көлөмүнүн 57,0 пайызын түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде финансылык эмес активдерди сатып алуу операциялары боюнча акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу 287,0 млн. сом чегинде катталган, бул 2010-жылдагы ушундай эле көрсөткүчкө караганда 45,6 млн. сомго же 18,9 пайызга көп.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун алдын-ала маалыматтары боюнча Социалдык фондунун бюджетинин 2011-жылдын биринчи чейрегиндеги тартыштыгы 1,3 млрд. сомду же ИДПга карата 2,7 пайызды түзсө, кирешелери – 6,2 млрд. сом же ИДПга карата 13,3 пайыз, ал эми чыгашалары – 5,0 млрд. сом же ИДПга карата 10,7 пайыз чегинде катталган эле.

**1.1.2-сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**
*(бир мезгил ичинде)*



Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 2011-жылдын январь-март айларындагы алдын-ала алынган маалыматтар боюнча, 2010-жылдын ушундай эле көрсөткүчүнө салыштырганда 5,3 млрд. сомду түзгөн, ал эми 2010-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча ушул эле көрсөткүч 10,4 пайызга азайган. Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн кыскаруусу айыл чарба, өндүрүш жана электрэнергиясын, газды жана сууну бөлүштүрүү, мейманкана жана ресторан, транспорт жана байланыш объектилеринде өздөштүрүлгөн каражаттардын төмөндөөсүнө шартталган.

**1.1.3-таблица. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар**

| | млн. сом | | жыйынтыгына карата пайыздар | |
|---|---|---|---|---|
| | 2010-ж. янв-март | 2011-ж. янв-март | 2010-ж. янв-март | 2011-ж. янв-март |
| **Бардыгы** | **4 699,5** | **5 263,9** | **100,0** | **100,0** |
| **Ички инвестициялар** | **3 863,5** | **4 287,2** | **82,2** | **81,4** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каражаттар) | 101,4 | 433,9 | 2,2 | 8,2 |
| Жергиликтүү бюджет | 50,1 | 41,7 | 1,1 | 0,8 |
| Ишканалардын, уюмдардын каражаттары | 869,2 | 1055,3 | 18,5 | 20,0 |
| Банктын кредити | 905,3 | 2,8 | 19,3 | 0,1 |
| Калктын каражаты | 1937,5 | 2753,5 | 41,2 | 52,3 |
| **Тышкы инвестициялар** | **836,0** | **976,7** | **17,8** | **18,6** |
| Чет өлкө кредити | 535,1 | 187,3 | 11,4 | 3,6 |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 230,7 | 587,4 | 4,9 | 11,2 |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 70,2 | 202 | 1,5 | 3,8 |

*Булагы: УСК*

Негизги капиталга инвестицияларды каржылоо булактарынын түзүмүндө 2011-жылдын январь-март айларында өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, ички булактардын эсебинен 10,6 пайызга сыяктуу эле, тышкы булактардын эсебинен да 5,9 пайызга кыскарусу байкалган. 2011-жылдын январь-март айларында негизги капиталга инвестициялардын тармактык түзүмүндө тоо-кендерин казып алуу өнөр жай тармактарына басымдуу үлүш – 14,6 пайыз («Кумтөр» алтын кенин иштетүү ишканаларына инвестициялар), транспорт жана байланышка – 9,6 пайыз («Талас-Тараз-Суусамыр», «Бишкек-Нарын-Торугарт», «Бишкек-Кордай», «Ош-Иркештам», «Ош-Исфана», «Түштүк транспорт коридору» унаа жолдорун реконструкциялоого, «Аймактык жол коридорун жакшыртуу» долбоору боюнча жолдорду реабилитациялоого), ошондой эле электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүүгө 7,4 пайыз туура келген.

Коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү өткөн жылдын башталышына салыштырганда 1,4 пайызга көбөйүү менен (2010-жылдын март айынын акырына карата коммерциялык банктардын кредит портфели 3,2 пайызга өскөн) отчеттук жылдын биринчи чейрегинин акырында 26,7 млрд. сомду түзгөн.

**1.1.4-таблица. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин тармактык түзүмү**

| | 2010-ж. янв-март | | 2011-ж. янв-март | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Кредит портфели** | **26 015,6** | **103,2** | **26 749,2** | **101,4** |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 11 099,3 | 106,1 | 11 596,6 | 102,3 |
| Айыл чарбасы | 3 338,0 | 108,2 | 3 605,5 | 107,6 |
| Өнөр жайы | 1 378,3 | 99,2 | 1 517,1 | 102,5 |
| Ипотека | 2 997,0 | 97,1 | 2 772,9 | 97,2 |
| Курулуш | 1 971,7 | 101,1 | 1 894,4 | 92,9 |
| Керектөө кредиттери | 1 962,8 | 96,8 | 1 877,7 | 99,7 |
| Жана башкалар | 3 268,4 | 101,6 | 3 485,0 | 101,3 |

Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин (БФКМ) кредит портфели 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 34,0 пайызга көбөйүү менен Кыргыз Республикасынын Өнүгүү фондусунун каражаттарын эске албаганда, 2010-жылдын акырына карата 12,6 млрд. сомду түзгөн.

**1.1.5-таблица. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин кредит портфелинин тармактык түзүмү**

| | 2009 | | 2010 | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Кредит портфели** | **9 386,1** | **27,1** | **12 577,2** | **34,0** |
| Айыл чарбасы | 3 729,1 | 37,1 | 5 073,0 | 36,0 |
| Соода жана коммерция | 3 089,6 | 7,7 | 3 310,5 | 7,1 |
| Жана башкалар | 1 237,8 | 96,2 | 2 393,3 | 93,4 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 475,2 | 37,1 | 545,8 | 14,9 |
| Керектөө кредиттери | 407,4 | 37,0 | 613,3 | 50,5 |
| Курулуш жана ипотека | 211,1 | 11,8 | 286,4 | 35,7 |
| Өнөр жайы | 174,1 | 3,4 | 205,8 | 18,2 |
| Транспорт жана байланыш | 38,9 | -73,2 | 116,8 | 200,4 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 23,0 | 23,4 | 32,3 | 40,4 |

## 1.1.2. Сунуш

Отчеттук жылдын январь-март айларында ИДПнын өсүшүнө негизги салымды электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү, транспорт жана байланыш тармактарынын ишканалары кошушкан, бул, кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү жана кайра иштеп чыгуу өнөр жай өндүрүшүндөгү төмөндөөнүн ордун жапкан. Мында, 2011-жылдын жогорку базасында отчеттук жылдын биринчи чейрегинде алгылыктуу өсүш арымга жетишүү, өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн калыбына келишинин белгиси болуп саналат.

Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн чогуу алгандагы сунушунун көлөмү кароого алынып жаткан мезгил ичинде ИДПнын жалпы көлөмүндө кайра иштетүү өнөр жай продукциялары менен 22,8 пайызга, соода менен 16,9 пайызга, транспорт жана байланыш менен 10,3 пайызга, айылчарбасы менен 8,8 пайызга камсыз болгон.

**1.1.6-таблица. ИДПнын өсүшүнө/төмөндөшүнө иштин өзүнчө түрлөрүнүн салымы**

| | 2010-ж. янв-март | | 2011-ж. янв-март | |
|---|---|---|---|---|
| | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* |
| **Ички дүң продукт** | **16,8** | **16,8** | **0,4** | **0,4** |
| Дүң кошулган нарк | 16,8 | 14,6 | 0,4 | 0,4 |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 2,1 | 0,2 | 0,5 | 0,0 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | -5,3 | 0,0 | 26,6 | 0,1 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 105,5 | 13,5 | -6,0 | -1,3 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 16,4 | 0,6 | 27,3 | 1,4 |
| Курулуш | 2,7 | 0,1 | -11,8 | -0,4 |
| Соода, ремонт | 0,9 | 0,2 | -4,2 | -0,7 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 2,5 | 0,0 | -7,0 | -0,1 |
| Транспорт жана байланыш | 1,5 | 0,2 | 8,3 | 0,9 |
| Финансылык ишкердүүлүк | 2,1 | 0,0 | 3,9 | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | -3,7 | -0,2 | 2,7 | 0,1 |
| Мамлекеттик тескөө | 0,8 | 0,0 | 2,6 | 0,1 |
| Билим берүү | 0,7 | 0,0 | 2,0 | 0,1 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды сунуштоо | 0,7 | 0,0 | 1,0 | 0,0 |
| Коммуналдык жана жеке кызматтарды сунуштоо | -3,4 | -0,1 | 1,1 | 0,0 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 16,8 | 2,2 | 0,4 | 0,0 |

*Булагы: УСК*

2011-жылдын биринчи чейрегинде алдын-ала алынган маалыматтар боюнча өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 0,8 пайызга өскөн (2010-жылдын январь-март айларында өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 82,6 пайызга өскөн), ал эми «Кумтөр» алтын кенин иштетүү боюнча ишканаларды эске албаганда өсүш 7,8 пайыз деңгээлинде белгиленген, мында 2010-жылдагы ушул эле көрсөткүч 44,6 пайызга өскөн. Өнөр жай өндүрүшүнүн көрсөткүчтөрүнүн өнүгүү динамикасы «Кумтөр» алтын кен ишканаларында өндүрүүнүн көлөмүнүн төмөндөгөндүгү тууралуу маалымдап турат, бул өз кезегинде, өндүрүштү пландаштырууга шартталган.

Айыл чарбасында өндүрүштүн өсүшү 0,5 пайыз деңгээлинде катталган (2010-жылдын январь-март айларында айыл-чарба продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү 2,1 пайызга өскөн).

Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү кризиске чейинки деңгээлине кайра калыптанган эмес. Алсак, алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2010-жылдын январь-март айларындагы тиешелүү көрсөткүчтүн 0,6 пайызга өсүшүнө салыштырганда, соода операцияларынын көлөмүнүн 3,6 пайызга төмөндөөсү белгиленген. Анын ичинде чекене соода жүгүртүүнүн 5,4 пайызга кыскаруусу белгиленген.

**1.1.7-таблица. Соода операцияларынын дүңүнөн жүгүртүү динамикасы жана түзүмү**

| | 2010-ж. янв-март | | 2011-ж. янв-март | |
|---|---|---|---|---|
| | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Соода** | **100,0** | **100,6** | **100,0** | **96,4** |
| Авто жана мото техникаларын, тетиктерин сатуу | 3,7 | 99,8 | 3,2 | 96,6 |
| Техникалык жактан тейлөө жана авто ремонт | 0,6 | 110,9 | 0,5 | 108,4 |
| Мотор майларын чекене сатуу | 8,8 | 96,8 | 9,9 | 106,1 |
| Дүң соода | 30,5 | 100,5 | 30,5 | 96,7 |
| Чекене соода | 56,3 | 101,2 | 55,7 | 94,6 |
| Тиричилик буюмдарын ремонттоо | 0,2 | 92,2 | 0,2 | 83,1 |

*Булагы: УСК*

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар

### Акча базасы

Акча базасы 2011-жылдын биринчи чейрегинде 7,2 пайызга төмөндөө менен (2010-жылдын биринчи чейреги ичинде акча базасы 4,2 пайызга кыскарган) ушул эле жылдын 1-апрелине карата 45,1 млрд. сомду түзгөн. Ал эми акча базасы 2011-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча жылдык мааниде 14,6 пайызга көбөйгөн.

Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде акча базасынын өзгөрүүсүнө (-3,5 млрд. сом) негизинен, Улуттук банктын акча базасын 4,3 млрд. сомго азайткан Улуттук банктын операциялары таасирин тийгизген, ал эми Өкмөттүн операциялары аны 0,8 млрд. сомго көбөйткөн. салыштыруу үчүн: 2010-жылдын ушул эле мезгилинде акча базасы 1,7 млрд. сомго төмөндөгөн, мында Улуттук банктын операциялары акча базасын 2,1 млрд. сомго көбөйтсө, Өкмөттүн анын өсүшүнө кошкон салымы 0,4 млрд. сомду түзгөн.

2011-жылдын 1-апрелине карата жүгүртүүдөгү акчалар отчеттук мезгил ичинде 5,6 пайызга кыскаруу менен (2010-жылдын тиешелүү мезгилинде азаюу 3,4 пайызды түзгөн) 40,8 млрд. сомду түзгөн. Жүгүртүүдөгү акчалардын өсүшү жылдык мааниде 2011-жылдын апрель айына карата абал боюнча 18,4 пайызды түзгөн.

Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча акча базасынын түзүмүндө жүгүртүүдөгү нак акчалардын үлүшүнүн 2011-жылдын башталышындагы 89,1 пайыздан ушул эле жылдын март айынын акырында 90,5 пайызга чейин көбөйүүсү жүргөн, демек, коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттарынын үлүшү 10,9 пайыздан 9,5 пайызга чейин азайган.

### М2 акча топтому

М2 акча массасы (М0 + улуттук валютадагы депозиттер) 2011-жылдын 1-апрелине карата отчеттук мезгил ичинде 4,8 пайызга (2010-жылдын биринчи чейрегинде М2 акча массасы 1,7 пайызга азайган) кыскаруу менен 51,2 млрд. сомду түзгөн. Ошондой эле М2 акча топтомун түзүүчүлөрдүн

да төмөндөөсү байкалган: (М0) банктардан тышкаркы акча – 5,9 пайызга жана улуттук валютадагы депозиттер – 1,1 пайызга, анын ичинде которулма депозиттер (талап боюнча төлөнүүчү) – 3,7 пайызга башка депозиттердин (мөөнөттүү) көбөйүүсүндө 5,1 пайызга.

Жылдык мааниде М2 акча массасынын өсүшү 2011-жылдын 1-апрелине карата 19,6 пайызды түзгөн.

**M2X акча топтому**

Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча топтому (М2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер) 2011-жылдын биринчи чейрегинде 3,7 пайызга (2010-жылдын тиешелүү мезгилинде М2Х азаюусу 1,4 пайызды түзгөн) кыскаруу менен ушул эле жылдын 1-апрелине карата 66,6 млрд. сомду түзгөн. Ошону менен бирге эле М2Х акча массасынын аныктамасына кирген депозиттердин жалпы көлөмү[1] да 0,4 пайызга төмөндөгөн, анын ичинде улуттук валютадагы депозиттер 1,1 пайызга, ал эми, чет өлкө валютасындагы депозиттер 0,2 пайызга (2010-жылдын тиешелүү мезгилинде депозиттердин көлөмү 2,3 пайызга, ал эми банктардан тышкаркы акча 3,9 пайызга төмөндөгөн) кыскарган.

2011-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча М2Х кеңири маанидеги акча массасы жылдык мааниде 18,3 пайызга көбөйгөн.

М2Х акча массасынын түзүмү отчеттук жылдын биринчи чейрегинде төмөнкүчө өзгөргөн:


- банктардан тышкаркы нак акчалардын үлүшү 59,9 пайыздан 58,5 пайызга чейин азайган;
- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 17,7 пайыздан 18,2 пайызга чейин көбөйгөн;
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 22,3 пайыздан 23,2 пайызга чейин көбөйгөн.

2011-жылдын биринчи чейрегинде финансылык ортомчулуктун даражасын мүнөздөгөн М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын мультипликатору отчеттук жылдын башталышындагы 1,424 төн, ушул эле жылдын март айынын акырына карата 1,477 чейин (2010-жылдын март айынын акырында – 1,431) көбөйгөн.

Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде М2Х кеңири маанидеги акчалардын жүгүртүүдөгү тездиги 2011-жылдын башталышындагы 3,6дан ушул эле жылдын март айындагы 3,5 чейин төмөндөгөн (2010-жылдын март айынын акырына карата 4,1). Мында жүгүртүү тездигинин кайтарым көрсөткүчү - М2Х акча топтому боюнча эсептелген, экономиканы монеттештирүү коэфициенти жыл башындагы 27,9 пайыздан отчеттук жылдын март айынын акырына карата 28,4 пайызга чейин (2010-жылдын март айынын акырына карата 24,2 пайыз) көбөйгөн.


[1] Банк тутумунун аналитикалык балансынын маалыматтары боюнча өзүнө жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттерин, ошондой эле финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин камтыйт, мында Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттери эске алынбайт.

**1.2.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымы**




Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде финансы рыногундагы жагдай коммерциялык банктардагы үстөк ликвиддүүлүктүн өзгөрүүсүнүн жана өсүп жаткан инфляция деңгээлинин таасири астында түптөлгөн. Бүтүндөй чейрек ичинде, банктардагы үстөк камдардын деңгээли төмөндөгөн, анын алкагында мамлекеттик баалуу кагаздарга карата суроо-талап төмөн болгон. Бирок, кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногунда жигердүүлүк төмөн болсо, карыздык ресурстар боюнча чен өскөн.


**1.2.2-сүрөт. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**




2011-жылдын биринчи чейреги ичинде Улуттук банк, монетардык түзүүчү инфляцияга таасир этүү максатында, жүгүртүү мөөнөтү 7, 14 жана 28 күндүк ноталарды сунуштоонун көлөмүн көбөйткөн. Өз кезегинде, ноталарга болгон суроо-талап салыштырмалуу төмөн болгон жана бул баалуу кагаздарды сунуштоонун көлөмүнө жеткен эмес. Банктардын жигердүүлүгүнүн төмөн болушу ликвиддүүлүк деңгээлинин олуттуу өзгөрүп туруусуна шартталган. Натыйжада, ноталардын кирешелүүлүгү кароо-

го алынып жаткан мезгил ичинде өскөн. Жүргүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын орточо алганда кирешелүүлүгү 2010-жылдын төртүнчү чейрегиндеги кирешелүүлүккө карата 0,4 п.п.жогорулап, 4,6 пайызды түзсө, 14 күндүк ноталардыкы 1,8 п.п., 6,1 пайызга чейин, 28 күндүк ноталардын сегментинде 1,7 п.п., 6,5 пайызга чейинкини түзгөн. 2010-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда Улуттук банктын 7 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгү 4,2 п.п., 14 күндүк ноталардыкы– 5,5 п.п., 28 күндүк ноталардыкы да 5,5 п.п. өскөн.

**1.2.3-сүрөт. Улуттук банктын кирешелүүлүк динамикасы**





Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарынын орточо мааниси катары аныкталган, акыркы төрт аукциондо түптөлгөн эсептик чен, жыл башынан тартып 1,4 п.п. жогорулоо менен март айынын акрына карата 6,9 пайыз чегинде катталган. Буга ылайык, «овернайт» кредиттери боюнча пайыздык чен дагы өсүү менен чейректин акырында 8,3 пайызды түзгөн, ал эми коммерциялык банктарга берилген «овернайт» кредиттеринин көлөмү 7,9 пайыз орточо чен менен 290,0 млн. сомду түзгөн.

Жылдын январь жана февраль айларында МКОлорду жайгаштыруу боюнча бирден аукцион өткөрүлгөн, аларды сунуштоонун көлөмү суроо-талаптын төмөн болгондугуна байланыштуу 117,0 млн. сомго чейин төмөндөгөн. Эки жолу өткөрүлгөн аукциондордо инвесторлордун саны үчтөн ашкан эмес, ал эми берилген билдирмелердин саны сатуунун жарыяланган көлөмүнөн кыйла төмөн болгон. Бул, баалуу кагаздардын кирешелүүлүгүнүн өткөн чейректеги 18,9 пайыздан 19,1 пайызга чейин өсүшүнө алып келген. 2010-жылдын тиешелүү мезгилине карата МКОлордун кирешелүүлүгү 7,1 п.п. өскөн.

МКВлардын биринчилик рыногунда Финансы министрлиги бюджеттин керектөөсүнүн артышы жана МКОлорго суроо-талаптын жоктугунун алкагында векселдерди сунуштоону көбөйткөн. Ошондой болсо да, МКВларга карата суроо-талап төмөн болгон, бул алардын кирешелүүлүгүнүн өсүшүнө таасирин тийгизген. Жыйынтыгында, эмитент кээ

бир учурударда сунушту төмөндөтсө, айрым аукциондорду МКВларга сунушталган баанын алгылыксыз болгондугуна байланыштуу, өткөн жок деп тааныган. МКВлардын орточо жалпы кирешелүүлүгү бир мезгил ичинде орточо алганда 13,4 пайызды түзүү менен мурунку чейректеги көрсөткүчкө салыштырганда 0,4 п.п., жогору түптөлгөн, анын ичинде 3 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү 7,5 пайызды түзүү менен 2,4 п.п., 6 айлык МКВлардыкы 1,1 п.п., 10,5 пайызга чейин өссө, ал эми 12 айлык МКВлардын орточо алынган кирешелүүлүгү 14,8 пайызды түзүү менен 1,1 п.п., төмөндөгөн. Кирешелүүлүк боюнча, 2010-жылдын биринчи чейрегинде МКВлардын кирешелүүлүгүн орточо деңгээли 7,5 п.п. көбөйгөн, кирешелүүлүктүн мындай жогорулоосу рыноктун дээрлик бардык сегменттеринде байкалган.

**1.2.4-сүрөт. МКВнын кирешелүүлүк динамикасы**




Кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногунда банктардагы ликвиддүүлүктүн басаңдоосуна карабастан, суроо-талап төмөн болгон. Ошондой болсо да, ликвиддүүлүктүн төмөндөөсү Улуттук банктын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүктү сунуштоо боюнча инструменттерин кыйла жигердүү колдонушкан айрым банктарда гана байкалган.

Кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногунда сом түрүндөгү карыздардын жалпы көлөмү 2010-жылдын төртүнчү чейрегиндеги ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда 34,8 пайызга кыскаруу менен 972,8 млн. сомду түзгөн. Бүтүмдөрдүн олуттуу үлүшү репо операциялар сегментинде келишилген, алардын чендери финансы рыногунун башка сегменттеринде чендердин өсүшүнүн таасири астында, чейрек ичинде өскөн. Репо операцияларынын жалпы көлөмү өткөн чейректеги көрсөкүчкө салыштырганда 34,8 пайызга кыскаруу менен отчеттук жылдын биринчи чейрегинде 972,8 млн. сомду түзгөн. Жөнөкөй кредиттик операциялардын көлөмү сом түрүндө 64,9 пайызга азаюу менен 78,0 млн. сом чегинде катталган. Репо операциялары боюнча орточо салмактанып алынгн пайыздык чен 1,8 п.п., 6,8 пайызга чейин, ал эми кредиттик операциялар боюнча 1,9 п.п. 7,0 пайызга чейин өскөн. 2010-жылдын тиешелүү чейрегиндеги орточо салмактанып алынган ченге

салыштырганда репо операциялары боюнча чен 4,7 п.п. өссө, ал эми улуттук валютадагы кредиттик операциялар ишке ашырылган эмес.

Ички банктар аралык кредит рыногунда чет өлкө валютасындагы операциялар сегментинде бүтүмдөрдүн көлөмү 48,4 млн. сом эквивалентин, ал эми алар боюнча чен – 1,0 пайызды түзгөн.


## 1.3. Тышкыэкономикалык шарттар

### Соода балансы[1]

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы 2010-жылдын биринчи чейрегиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 58,5 пайызга көбөйүү менен 2011-жылдын биринчи чейрегинде 241,6 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде тышкы соода жүгүртүү 2010-жылдагы тиешелүү мезгилге салыштырганда 11,9 пайызга өсүү менен 1 214,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Кыргызстандын соода мамилелеринин өсүш динамикасы КМШ өлкөлөрү сыяктуу эле, алыскы чет өлкөлөр менен да бирдей болгон, мында алардын салыштырма салмагынын катышы, жалпысынан тышкы соода операциялардын көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша 44,4 жана 56,6 пайыз чегинде катталган.

**1.3.1-сүрөт. Тышкы соода**




Товарлардын экспорту (ФОБ баасында) отчеттук жылдын биринчи чейрегинде өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 4,2 пайызга көбөйүү менен 486,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Мындай тенденциянын түптөлүшү, негизинен КМШ өлкөлөрүнө экспорттук берүүлөрдүн 22,1 пайызга же 27,7 млн. АКШ долларына көбөйүүсү менен шартталган, ал эми ошол эле учурда, алыскы чет өлкөлөргө 2,3 пайызга же 7,9 млн. АКШ долларына кыскарган. Мында, алтынды эске албаганда экспорт 9,6 пайызга кыскаруу менен 205,3 млн. АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн.

[1] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча, эгер башкасы көрсөтүлбөсө.

Отчеттук мезгил ичинде экспорттолуучу товарлардын негизги топторунун салыштырма салмагы[1] төмөнкүчө түптөлгөн: аралык товарлар экспорттун чогуу алгандагы көлөмүнүн 71,4 пайызын, ал эми керектөө товарлары 18,6 пайызды, энергопродукциялар – 6,1 пайызды, чийки заттар жана инвестициялык товарлар, тиешелүүлүгүнө жараша 2,1 жана 1,8 пайызды түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде аралык товарлардын экспорту 21,3 пайызга көбөйүү менен 313,8 млн. АКШ долларга жеткен. Алтын, мурдагыдай эле, бул статьяны негизги түзүүчүлөрдөн болуп саналган, анын экспортунун көлөмү 281,3 млн. АКШ долларына жетүү менен 17,3 пайызды түзгөн. Алтынды берүүлөрдүн көбөйүүсү экспорттук баанын 36,3 пайызга өсүшү менен түшүндүрүлөт, мында берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 14,0 пайызга кыскаруу су белгиленген.

Керектөө товарларынын экспорту 81,7 млн. АКШ долларын түзүү менен 33,1 пайызга өскөн. Бул статья боюнча экспорттун көбөйүүсүнө азыктүлүк товарларын берүүлөр менен негизги салым кошулган, анын көлөмү 64,3 пайызга же 16,4 млн. АКШ долларына өскөн. Биринчи кезекте бул, жашылчалардын экспортунун 75,4 пайызга (18,2 млн. АКШ долларына) өсүшү болгон, ал экспорттук баанын төмөндөөсүндө берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн олуттуу өсүшү менен шартталган. Ошондой эле, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүүсү сыяктуу эле, экспорттук баалардын өсүшүнүн натыйжасында, жемиштердин экспортунун көбөйүүсү (2,3 эсеге же 1,7 млн. АКШ долларына) белгиленген.

Азык-түлүктөн башка товарлар түзүмүндө кийим жана ага тиешелүү буюмдар (13,1 пайызга же 2,9 млн. АКШ долларына) жана унаалар (2,7 эсеге же 0,6 млн. АКШ долларына) сыяктуу товардык позициялар боюнча – негизинен берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүүсүнүн эсебинен экспорттун өсүшү байкалган.

Энергопродукциялардын экспорту 2011-жылдын биринчи чейрегинде 26,7 млн. АКШ долларын түзүү менен 10,1 пайызга өскөн. Энергопродукциялардын экспортунун негизги товардык номенклатурасында берүүлөрдүн өсүшү авиакеросиндин экспорту боюнча (10,1 пайызга же 1,2 млн. АКШ долларына) белгиленген.

Ушуну менен катар эле, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн кыйла көбөйүүсү, баалардын төмөндөөсүнө салыштырганда, электрэнергиянын экспортунун нарктык көлөмүнүн 57,0 пайызга же 1,2 млн. АКШ долларына көбөйүүсүнө таасирин тийгизген.

Чийки заттардын экспорту 86,5 пайызга кыскаруу менен 9,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул категориянын салыштырма салмагы экспорттун жалпы көлөмүндө 14,5 пайыздык пунктка кескин төмөндөө менен 2,1 пайызды түзгөн. Бул, отчеттук мезгил ичинде органикалык эмес химиялык заттарды берүүлөрдүн токтотулушу менен түшүндүрүлөт, ал эми 2010-жылдын

[1] Мында жана мыендан ары Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча.

ушундай эле мезгилинде бул товардык позицияны берүүлөр чийки заттардын бүтүндөй экспортунун 88,0 пайызын түзгөн. Мындай төмөндөө пахтаны (эки эсеге же 2,2 млн. АКШ долларына) жана ири мүйүздүү малдын терилерин берүүлөрдүн өсүшү (4,1 эсеге же 1,3 млн. АКШ долларына) менен жарым-жартылай компенсацияланган.

Географиялык түзүмдө кароого алынып жаткан мезгил ичинде товарлардын экспортунун олуттуу үлүшү алыскы чет өлкөлөр тобуна (чогуу алгандагы экспорттон 74,6 пайыз) туура келет. Мурдагыдай эле, Швейцария (32,9 пайыз), бул топтун ичинен эң ири өнөктөштөн болуп саналат. Мында, БАЭ жана АКШ сыяктуу өлкөлөрдүн позициясынын өзгөргөндүгү байкалган. БАЭнин экспорттун жалпы көлөмүндөгү үлүшү 2010-жылдын биринчи чейрегиндеги 50,7 пайызга каршы, 32,3 пайызды түзгөн, бул аталган өлкөгө алтынды берүүлөрдүн олуттуу төмөндөшү менен түшүндүрүлөт. Ал эми химиялык элементтерди берүүлөрдүн токтотулгандыгынын натыйжасында АКШнын үлүшү 11,3 пайыздан 0,03 пайызга чейин төмөндөгөн.

КМШ өлкөлөрүнүн үлүшү экспорттун чогуу алгандагы көлөмүнүн 25,4 пайызын түзгөн. Бажы Союзуна катышуучу өлкөлөргө экспорттун көлөмү биринчи чейректе абсолюттук мааниде 32,1 пайызга же 22,0 млн. АКШ долларына көбөйгөн. Мында Россия менен Казакстан кыргыз экспортун негизги керектөөчүлөрдөн болушкан.

Товарлардын ФОБ баасындагы импорту[1] отчеттук жылдын биринчи чейрегинде 17,6 пайызга өсүү менен 728,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Көбүнчө алыскы чет өлкөлөрдөн импорт өскөн (30,3 пайызга), ал эми КМШ өлкөлөрүнөн импорттун өсүшү 8,3 пайызды түзгөн.

Функционалдык түзүмгө ылайык[2], 2011-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча импорттук операцияларда эң ири товардык категориялардан болуп керектөө товарлары (импорттун чогуу алгандагы көлөмүнөн 37,2 пайыз), энергопродукциялар (24,3 пайыз) жана аралык товарлар (21,2 пайыз) саналышкан.

Отчеттук мезгилде керектөө багытындагы товарлардын импорту 27,1 пайызга көбөйүү менен 293,0 млн. АКШ доллар көлөмүнө жеткен. Мында, азык-түлүк товарларынын 20,4 пайызга өсүшү сыяктуу эле, азык-түлүктөн башка товарлардын түшүүлөрүнүн да 32,3 пайызга өсүшү белгиленген.

Азык-түлүк товарларынын түзүмүндө түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүүсү сыяктуу эле, импорттук баалардын өсүшүнүн натыйжасында канттын импортунун нарктык мааниде (20,3 пайызга же 3,0 млн. АКШ долларына) өсүшү белгиленген. Мындан тышкары, көбүнчө баалардын өсүшүнүн эсебинен өсүмдүк майынын импортунун көлөмү (12,9 пайызга же 1,0 млн. АКШ долларына) көбөйгөн. Ушуну менен бирге эле, баалардын өсүшүнө салыштырганда, физикалык көлөмдүн төмөндөөсү жемиштердин (41,5 пайызга же 3,9 млн. АКШ долларына), күрүчтүн (43,6 пайыз-

[1] СИФ импорту 788,4 млн. АКШ долларын, ал эми соода балансынын тартышыгы 301,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

[2] Мында жана мындан ары Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча.

га же 1,3 млн. АКШ долларына) импортунун нарктык көлөмүнүн төмөндөөсүнө таасирин тийгизген.

Азык-түлүктөн башка товарлардын курамында дары-дармектердин (20,5 млн. АКШ долларына) импорту эки эсеге көбөйгөн. Мындан тышкары, баалардын өсүшүнүн эсебинен эфир майларынын импортунун көлөмү (10,0 пайызга же 1,3 млн. АКШ долларына) да көбөйгөн. Ушуну менен катар эле, жеңил автомобилдердин (42,2 пайызга же 1,7 млн. АКШ долларына) жана шейшептердин (78,0 пайызга же 1,7 млн. АКШ долларына) импортунун нарктык көлөмүнүн төмөндөөсү катталган.

Энергопродукциялардын импорту отчеттук мезгил ичинде 0,8 пайызга төмөндөгөн жана 191,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Энергопродукциялардын 70,0 пайыздан көбүрөөгү мунай заттарынын түшүүлөрүнө туура келген, анын көлөмү кароого алынып чейрек ичинде 2010-жылдын тиешелүү чейрегине салыштырганда 14,7 пайызга төмөндөгөн, бул негизинен, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 37,7 пайызга төмөндөөсүнө шартталган, мында баалардын 36,9 пайызга көбөйүүсү белгиленген. Түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн кыскаруусунан улам, авиакеросиндин жана дизель отунунун импортунун нарктык көлөмү төмөндөгөн, мында автомобиль бензининин түшүүлөрүнүн көлөмү бир аз өскөн. Жаратылыш газынын түшүүлөрүнүн физикалык көлөмүнүн ага карата импорттук баалардын өсүшүнө салыштырганда олуттуу кыскаруусу, нарктык маанисинде төмөндөөсүн (17,1 пайызга же 3,5 млн. АКШ долларына) шарттаган.

Аралык товарлардын тобу боюнча импорттун көлөмү 167,3 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2010-жылдын ушундай эле мезгилиндегиден 25,0 пайызга жогору. Баа жана сандык факторлордун таасиринен улам жер семирткичтердин түшүүлөрү (38,7 пайызга же 3,0 млн. АКШ долларына) көбөйгөн. Ошондой эле, баалардын эки эседен көбүрөөк өсүшүнүн эсебинен резина дөңгөлөктөрүнүн түшүүлөрүнүн көбөйүүсү (30,5 пайызга же 2,4 млн. АКШ долларына) белгиленген.

Импорттук баалардын төмөндөөсү менен катар эле, түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн кыскаруусу кагаздын (25,5 пайызга же 1,4 млн. АКШ долларына) жана боечу жана ийлөөчү заттардын импортунун (53,8 пайызга же 1,5 млн. АКШ долларына) кыскаруусуна алып келген.

Мындан тышкары, түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн кыскаруусунун эсебинен чоюндун жана болоттун (12,5 пайызга же 2,8 млн. АКШ долларына), кездемелердин (14,2 пайызга же 1,2 млн. АКШ долларына) жана пластмассанын (31,4 пайызга же 1,2 млн. АКШ долларына) импортунун көлөмү төмөндөгөн.

Географиялык түзүмгө ылайык, импорттун негизги үлүшү КМШ өлкөлөрүнөн – 52,5 пайыз түшкөн. Алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшү 47,5 пайызды түзгөн. Бажы Союзуна кирген өлкөлөрдөн импорт 1,9 пайызга же 6,5 млн. АКШ долларына азайган. Импорттук операциялар боюнча Кыргызстандын негизги өнөктөш өлкөлөрүнөн болуп Россия (чогуу алгандагы импорттон 26,1 пайыз), Кытай (16,6 пайыз), Казакстан (10,8 пайыз) жана АКШ (9,7 пайыз) саналышкан.


## 1.4. Валюта курсу

2011-жылдын биринчи чейрегинде АКШ долларынын курсунун өсүш арымы ички валюта рыногунда кыйла басаңдаган. Буга банктардын кардарларынын экспорттук-импорттук эсептешүүлөрүндөгү убактылуу ажырымдардын азаюусу, ошондой эле сом ликвиддүүлүгүнүн жетишсиздигине дуушар болушкан айрым банктар тарабынан валютаны сунуштоонун көбөйүүсү өбөлгө түзгөн. Мындан тышкары, отчеттук чейректин алгачкы эки айы ичинде Улуттук банк, АКШ долларын сатуу менен рынокто жигердүүлүгүн көрсөткөн, натыйжада банктарда валюталардын калдыктары өскөн жана март айында АКШ долларынын курсунун 0,5 пайызга төмөндөөсү белгиленген.

Бир чейрек ичинде Улуттук банктын АКШ долларын сатуу боюнча операцияларынын көлөмү 7,3 пайызга, 62,5 млн. АКШ долларына чейин көбөйгөн. Ал эми АКШ долларын сатып алуу боюнча операциялар ишке ашырылган эмес. 2010-жылдын тиешелүү чейрегине салыштырганда Улуттук банктын валютаны сатуу боюнча операцияларынын көлөмү 15,3 пайызга өскөн.

АКШ долларынын эсептик курсу март айынын акырына карата жыл башынан тартып 0,3 пайызга жогорулоо менен 47,2448 сом/АКШ долларын түзгөн (2010-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча АКШ долларынын эсептик курсу 2,6 пайызга өскөн).

**1.4.1-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүш арымы**




# 2-глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр

## 2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына анализдөөлөр[1]

Инфляциянын жылдык мааниси (2011-жылдын март айынан 2010-жылдын март айына карата) 20,8 пайызды, ал эми 2009-жылдын тиешелүү мезгилинде – 4,3 пайызды түзгөн. Керектөө бааларынын индексинин тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга олуттуу өсүшү белгиленген. Товарлардын бул тобу жылдык мааниде 35,3 пайызга кымбаттаган. Азык-түлүк товарларына карата баанын 8,8 пайызга жогорулоосу катталса, баалардын өсүшү алкоголдуу ичимдиктерге жана тамеки заттарына 13,5 пайыз, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрүнө 11,1 пайыз катталган.

Баалардын мындай динамикасы ички рыноктун республикада сыяктуу эле, негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө да азык-түлүк, көбүнчө айыл чарба продукциялары менен (алсак, дан жана май алынуучу өсүмдүктөр) начар камсыз болушу менен аныкталган.

**2.1.1-сүрөт. КБИнин жылдык динамикасы жана аны түзүүчүлөр**




2011-жылдын биринчи чейрегинде керектөө бааларынын индекси 106,4 пайыз (2010-жылдын биринчи чейрегинде 104,8 пайыз) деңгээлинде түптөлгөн. Анын ичинде тамак-аш азыктарына ичимдиктерге жана тамеки заттарына 101,2 пайызды, азык-түлүктөн башка товарларга – 101,5 пайызды, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө – 102,1 пайызды түзгөн.


### 2.1.1. Азык-түлүк товарларына карата баалардын динамикасы

Ички рынокто баа жагдайы жалпысынан, өсүшкө ык койгон тенденция менен мүнөздөлгөн. Азык-түлүк товарларына баалар жылдык мааниде 2011-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча 35,3 пайызга (2010-жылдын тиешелүү мезгилинде баалар жылдык мааниде өзгөрүүсүз калган) жогорулаган. Республикада жана ири өндүрүүчү өлкөлөрдө ички жана им-

[1] Кыргыз Республикасынын УСКнын маалыматтары боюнча.


порттук баалардын өсүшүнүн тездешине таасир эткен, түшүмдүүлүктүн начар болушу, ички рынокто буудайдын жана андан жасалган азыктардын наркына кысым жасоосун уланткан. Алсак, «нан азыктары жана таруу» товардык тобу боюнча баа 45,2 пайызга, анын ичинде биринчи сорттогу буудай уну 79,8 пайызга кымбаттаган. Сүт азыктарына карата баа 15,8 пайызга, мөмө-жемиш продукцияларына 43,6 пайызга жогорулаган.

**2.1.2- сүрөт. Азык-түлүк товарларга баалардын жылдык динамикасы**




Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн товарлардын бардык түрлөрү боюнча баасы, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда жогорулаткандыгы белгиленген. Алсак, өндүрүүчүлөрдүн буудайга карата баасы жылдык мааниде 104,9 пайызга, жашылчаларга – 79,6 пайызга, этке (тирүү салмагында) – 16,5 пайызга, сүт азыктарына – 0,9 пайызга жогорулаган.

**2.1.3-сүрөт. Айыл чарба продукцияларынын айрым түрлөрүнө өндүрүүчүлөрдүн бааларынын жылдык динамикасы**




Отчеттук жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча, мөмө жемиш продукцияларына карата бул мезгилге мүнөздүү болгон баа динамикасы байкалган: жемиштер 4,8 пайызга, ал эми жашылчалар –33,6 пайызга кымбаттаган. Жылдык мааниде «жемиштер жана жашылчалар» товардык

тобу 43,6 пайызга кымбаттаган: жемиштерге баа 38,4 пайызга, жашылчаларга – 45,1 пайызга өскөн.

Кантка карата баа республика боюнча өсүшүн уланткан, ал ички өндүрүштө муктаждыктын начар камсыз болушуна шартталган (Кыргыз Республикасынын Айыл-чарба министрлигинин маалыматы боюнча Кыргызстан кант менен 73 пайыз камсыз болгон. Алсак, 2011-жылдын биринчи чейреги ичинде кантка карата баанын өсүшү республика боюнча 15,2 пайызды, ал эми жылдык мааниде 19,3 пайызды түзгөн.

2011-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча эт азыктары 33,3 пайызга кымбаттаган. Этке карата баанын мындай жогору болушу, эт азыктарынын көмүскө экспорту жана 2010-жылдын декабрь айында Нарын областында кардын калың түшүшүнө байланыштуу малдын кырылышы, жемге баанын өсүшү, ошондой эле ортомчулар тарабынан баалардын жасалма көтөрүлүп жиберилиши менен түшүндүрүлөт.


Импортко көз карандуулуктун жогору болушунан улам, Россияда май алынуучу өсүмдүктөрдүн түшүмүнүн начар болушу жана Казакстандан өсүмдүк майын чыгарууга тыюу салуулардын узартылышы, май жана тоң майлар рыногунда баалардын өсүшүнө түрткү берүүдө. Алсак, «май жана тоң майлар» тобу боюнча баалардын жылдык өсүш арымы 2011-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча 40,4 пайызды түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде сезондук факторлордон улам сүт азыктарына керектөө бааларынын бир аз жогорулагандыгы белгиленген, ал 2,6 пайызды түзгөн жана жылдык эсептөөдө сүт азыктары 15,8 пайызга кымбаттаган.

### 2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын динамикасы

Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын индексинин өсүшү жылдык мааниде 8,8 пайызды түзгөн, бул 2010-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 3,6 п.п. төмөн. Алсак, кийимге жана бут кийимге баа 17,6 пайызга жогорулаган, мындай жагдай көбүнчө, кийимди тазалоонун, оңдоонун жана прокатка алуунун 26,0 пайызга, бут кийим оңдоонун 30,1 пайызга кымбаттоосунун эсебинен улам түптөлгөн. Турак-жай кызмат көрсөтүүлөрүнө баанын төмөндөөсү катталган, ал жыл ичинде 7,8 пайызга арзандаган. Товарлардын бул тобу боюнча баалардын динамикасын аныктоочу болуп, электрэнергиясына, газга жана отундун башка түрлөрүнө тарифтердин жылдык мааниде 10,7 пайызга төмөндөөсү саналган. Үй буюмдарына жана тиричилик техникаларына баанын 8,2 пайызга өсүшү белгиленген. Мындай динамиканын түптөлүшүнө айнек буюмдарынын, ашкана аспаптарынын 12,2 пайызга, ал эми текстиль буюмдарынын 7,6 пайызга кымбаттоосу негизги себеп болгон. Күйүүчү- майлоочу материалдардын наркы жылдык мааниде 16,1 пайызга өскөн: бензинге баа 14,9 пайызга, дизель отунуна – 29,6 пайызга өскөн. Бул товардык топ боюнча Россиядан жана Казакстандан мунай заттарынын бажы алымысыз алынып келүүлөрүнө байланыштуу, баалардын жылдык өсүш арымынын басаңдоосу белгиленген.


**2.1.4-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын динамикасы**




## 2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баалардын динамикасы

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баалардын индекси жылдык өлчөөдө 11,1 пайызга (2010-жылдын ушулндай эле мезгилинде 3,6 пайызга) өскөн. Бул топто индекстин өсүшү, негизинен, ресторандардын жана мейманканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн 18,7 пайызга кымбатташынын эсебинен жүргөн, бул азык-түлүк товарларынын, ошондой эле транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн (+11,4 пайызга) жана эс алууну уюштуруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркынын (+20,3 пайызга) кымбатташына байланыштуу болгон. Саламаттыкты сактоо жана билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркынын тиешелүүлүгүнө жараша, 7,7 жана 7,6 пайызга көбөйүүсү байкалган.

**2.1.5-сүрөт. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө карата баалардын жылдык динамикасы**





## 2.1.4. Аймактарда керектөө бааларынын динамикасы


2011-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча республиканын бардык областтарында керектөө бааларынын жалпы деңгээлинин өсүшүнүн уланып жатышы байкалган. Көбүнчө областтарда инфляциянын деңгээли жылдык эсептөөдө 17-27 пайыздын чегинде өзгөрүп турган. Алсак, Баткен областында баалар 26,6 пайызга, Нарын областында – 26,7 пайызга, Ош

областында – 23,2 пайызга, Жалал-Абад жана Чүй областтарында – тиешелүүлүгүнө жараша 22,0 жана 21,0 пайызга жогорулаган. Ал эми Ысык-Көл жана Талас областтарында баалар, тиешелүүлүгүнө жараша 18,8 жана 17,6 пайызга өскөн. Баалардын жалпы деңгээлинин жогорулашынын негизги фактору болуп, азык-түлүк жана азык-түлүктөн башка товарларга карата баанын өсүшү саналган.

Республиканын борборунда баанын 18,8 пайызга өсүшү белгиленген, мында, тамак-аш азыктары 30,5 пайызга, алкоголдуу суусундуктар менен тамеки заттары– 15,3 пайызга, азык-түлүктөн башка товарлар – 9,4 пайызга жана акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр 9,3 пайызга кымбаттаган.

**2.1.6-сүрөт. Региондордогу КБИнин жылдык динамикасы**




## 2.2. Базалык инфляция

Базалык инфляция баалардын кыска мөөнөттүү, түзүмдүк жана сезондук өзгөрүүлөрүн жокко чыгаруучу инфляциянын тренди катары аныкталат, башкача айтканда, инфляциянын көрсөткүчүнүн эсебинен начар түшүмдүүлүк, КММ рыногундагы баа таасирлери, тарифтердин административдик өзгөрүүлөрү сыяктуу, сезондук жана тышкы факторлор менен шартталган, товарларга баалардын өсүшү алынып салынат.


Төмөндө жөнөкөй алып салуу ыкмасы менен эсептелген, базалык инфляциянын динамикасы чагылдырылган. Бул ыкма керектөө бааларынын индексинен баалары, эрежедегидей эле, бир жолку жана/же кыска мөөнөттүү мүнөзгө ээ, тышкы соккуларга ийкемдүү болгон товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн белгилүү бир категорияларын же максаттуу топторун алып салууну болжойт. Мурдатан бери эле, мындай товарларга кээ бир азык-түлүк товарлары, энергия алып жүрүүчүлөр жана Өкмөт тарабынан административдүү белгиленген тарифтер кирет.

2010-жылдын апрелинен тартып Кыргыз Республикасынын Улуттук статистка комитети жөнөкөй алып салуу ыкмасы менен базалык инфляцияны эсептөөнү баштаган (2010-жылдын 29-апрелиндеги №9 бекитилген ык-

мага ылайык). Эсептөө учурунда сүт, кант, мөмө жемиш жана алкоголдук-тамеки продукцияларынын айрым түрлөрү, КММ, «электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспортунун, байланыш жана башка айрым кызмат көрсөтүүлөр сыяктуу товарлар алынып салынат. Бүтүндөй алганда алынып салынуучу товарлардын үлүшү жалпы керектөө корзинансынын 25 пайызын түзөт.

Кыргыз Республикасынын УСКсынын ыкмасы боюнча базалык инфляциянын мааниси 2011-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде 21,5 пайызды, ал эми «тазаланбаган» инфляция 20,8 пайызды түзгөн.

**2.2.1-сүрөт. Базалык инфляциянын эсептик көрсөткүчүнүн жылдык динамикасы**




Базалык инфляция 1 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана таруу 2) май жана тоң майлар 3) жемиштер жана жашылчалар; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 2 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) эт 2) жемиштер жана жашылчалар 3) газ; 4) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 3 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана таруу 2) сүт азыктары 3) жемиштер жана жашылчалар; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 4 – азык-түлүк товарлары жана электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү толугу менен алынып салынат.

Базалык инфляция УСК – сүт, кант, мөмө жемиш жана алкоголдук-тамеки продукцияларынын айрым түрлөрү, КММ, «электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспорту, байланыш жана башка айрым кызамт көрсөтүүлөр сыяктуу товарлар алынып салынат.

# 3-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты боюнча чечимдери

## 3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

Төмөндө, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын акча-кредит саясаты боюнча 2011-жылдын биринчи чейрегинде кабыл алынган негизги чечимдери келтирилген:

1. 2011-жылдын 26-январында Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» (БРАФ) ЖЧКсынын ишине тиешелүү чечим кабыл алынган:
   - Экономикалык жигердүүлүккө андан-ары дем берүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын №4/9 токтому менен «БРАФ» ЖЧКсын кредиттөөнүн бардык багыттары боюнча пайыздык ченди түзүү үчүн «1» өлчөмүндөгү бирдиктүү оңдоо коэфициентинин аракеттенүү мөөнөтү 2011-жылдын 1-июлуна чейин узартылсын. Буга чейин «1» деңгээлиндеги бирдиктүү оңдоо коэфициенти Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 3-майындагы №26/1 токтому менен белгиленген.
   - «Фермерлердин кредит алууга мүмкүнчүлүгү» долбоорун ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-январындагы №12 токтомуна ылайык «БРАФ» ЖЧКсына Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн 1 млрд. сом тартуу маселеси Улуттук банк Башкармасынын №4/10 токтому менен жактырылган. Буга ылайык, «БРАФ» ЖЧКсынын банктарды рефинансылоо саясатына Улуттук банк Башкармасынын №4/11 жана №4/12 токтомдору менен «Фермерлердин кредит алууга мүмкүнчүлүгү» долбоорунун алкагында банктарга кредиттик каражаттарды берүүнүн шарттарына жана тартибине тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.
2. Банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 25-февралындагы №10/9 токтому менен коммерциялык банктардын милдеттүү камдарынын өлчөмүн эсептик базадан 8,0 дон 9,0 пайызга чейин жогорулатуу жагына кайра каралган. Бул токтом 2011-жылдын 14-мартынан тартып күчүнө кирген.
3. Учурда орун алган жагдайга баа берүү, ошондой эле кыска мөөнөттүү мезгилде тиешелүү акча кредит саясатын жүргүзүүнүн сценарийлерин иштеп чыгуу үчүн Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2011-жылдын 1-мартында 2010-жыл үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчет жана алдыдагы мезгилге карата акча-кредиттик программа (№11/1 токтом) каралган жана жактырылган. 2010-жыл үчүн акча-кредиттик саясат жөнүндө отчеттун кыскартылган версиясы Президенттин Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Өкмөттүк Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Фи-

нансы министрлигине жана Экономикалык жөнгө салуу министрлигине жөнөтүлгөн, ошондой эле Улуттук банктын расмий веб-сайтына жайгаштырылган.

4. «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын (БРАФ) иш натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2011-жылдын 10-мартында чет өлкө валютасындагы карыздар/кредиттер деген дагы бир категорияны киргизүү аркылуу, коммерциялык банктар үчүн күрөөлүк камсыздоонун тизмеси кеңейтилген.

### 3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитеттин негизги чечимдери

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети (мындан ары – Комитет) акча-кредит чөйрөсүндө оперативдүү чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Чечимдер Комитет тарабынан жума сайын кабыл алынат жана акча рыногунда түптөлгөн жагдайга баа берүү натыйжаларына негизделет. Банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялардын көлөмү 2011-жылдын биринчи чейрегинде Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталган, 2011-2013-жылдарга акча-кредит саясатынын негизги багыттарында, алдыдагы мезгил үчүн акча-кредиттик программада көрсөтүлгөн максаттардан жана маселелерден улам, ошондой эле, банк тутумунун абалын жана салыктык-бюджеттик чөйрөдөгү жагдайды эске алуу менен Комитет тарабынан аныкталат.

2011-жылдын биринчи чейрегинде Комитеттин 15 отуруму өткөрүлгөн. Комитеттин чечимдери банк тутумундагы ликвиддүүлүктү Улуттук банктын ноталарын ар жумалык аукциондорун өткөрүү аркылуу жөнгө салууга багытталган. Үстөк ликвиддүүлүктүн өсүшү шартында Улуттук банк, ноталардын жүгүртүүдөгү көлөмүн 2011-жылдын башталышына карата 669,2 млн. сом деңгээлинен ушул эле жылдын март айынын акырына карата 1,5 млрд. сомго чейин жеткирүү максатында, өз ноталарынын эмиссиясынын көлөмүн көбөйтүүсүн уланткан.

Ошондой эле, коммерциялык банктардын үстөк камдарын кошумча алып салуу максатында Улуттук банк, отчеттук жылдын биринчи чейреги ичинде МБКларды репо шарттарында 3,6 млрд. сом көлөмүндө сатуу боюнча операцияларды жүргүзүүнү сунуш кылган.

Улуттук банктын ноталарын сатуунун көлөмү кароого алынып жаткан мезгил ичинде 2,2 млрд. сомду, ал эми МБКларды репо шарттарында сатуунун көлөмү 684,5 млн. сомду түзгөн. Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү 2011-жылдын март айынын акырына карата 1,2 млрд. сомду түзгөн. Улуттук банктын АКШ долларын таза сатуусу[1] отчеттук мезгил ичинде 3,0 млрд. сом эквивалентин түзгөн.

[1] Улуттук банк, Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган өзгөрүлмө алмашуу курсунун саясатына таянуу менен иш алып барат.

Комитетте «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» (БРАФ) ЖЧКсын кредиттөө максаттары үчүн базалык чендин өлчөмү жөнүндө чечимдер ай сайын кабыл алынып турган.

*БРАФтын кредиттик каражаттары боюнча пайыздык чендин өлчөмү оңдоо коэфициенти менен базалык ченге кредиттөөнүн тармагына жараша теңдештирилет. Улуттук банк Башкармасынын чечими менен 2010-жылдын май айында «1» өлчөмүндө белгиленген оңдоо коэфициентинин аракеттенүү мөөнөтү 2011-жылдын 1-июлуна чейин узартылган.*

Өлкөдө орун алган инфляциянын жогорку деңгээлин жана 2011-жылы олуттуу инфляциялык тобокелдиктердин сакталып калышын эске алуу менен акча-кредит саясатын катуулатуунун алкагында, Комитеттин чечими менен «БРАФ» ЖЧКсын кредиттөө максаттары үчүн базалык чен, жогорулатуу жагына кайра каралган. Алсак, 2011-жылдын январь айынан тартып базалык чен 8,0 пайыз деңгээлинде, ал эми ушул эле жылдын 1-мартынан тартып 8,25 пайыз деңгээлинде белгиленген.

Отчеттук жылдын 4-апрелинен тартып Комитеттин чечими менен базалык чен «БРАФ» ЖЧКсы үчүн 8,5 пайызга чейин жогорулатылган.

# 4-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоолор

## 4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор

2010-жылдын жыйынтыгы боюнча ИДПнын көлөмү өлкөдөгү саясий туруксуздуктун кесепеттеринен улам, 1,4 пайызга төмөндөгөн. Экономикалык өсүш арым өтүп жаткан жылы жана орто мөөнөткө каралган келечекте көбүнчө тышкы экономикалык конъюнктурага (негизги соода өнөктөш өлкөлөр менен өз ара мамилелер жана дүйнөлүк товардык жана чийки зат рынокторундагы баалардын динамикасы) жана өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн калыбына келүү динамикасына көз каранды болот, бул, республиканын тышкы экономикалык байланыштары сыяктуу эле, ички өндүрүштүн жана керектөөнүн өнүгүү шарттарын аныктайт.

Өтүп жаткан жылы Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүнүн негизги өбөлгөлөрүнөн болуп, төмөнкүлөр болжолдонот: өлкөдө ишкердик жигердүүлүктү калыбына келтирүү, негизги соода өнөктөштөр менен соода жүргүзүүнүн шарттарын нормага салуу жана аймактын экономикасын туруктуу өнүктүрүү.

Бүтүндөй алганда, түптөлгөн факторлорду эске алганда, Кыргызстандын ИДПсынын өсүшү 2011-жылы 6,6 пайыз деңгээлинде, ИДПнын дефляторун эске алганда 16,0 пайыз, ал эми ИДПнын номиналдык көлөмү 262 317,7 млн. сом деңгээлинде күтүлүүдө. ИДПнын түзүмүндө негизги салым курулуш жана соода тармактары тарабынан күтүлүүдө, бул республиканын түштүгүндө калыбына келтирүү иштеринин жүргүзүлүп жатышы жана өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн калыбына келүүсү менен түшүндүрүлөт. Айыл-чарбасында фермерлерге жеңилдетип кредиттерди берүү жана 2010-жылдагы тармактын төмөнкү базасы боюнча программаны ишке ашыруунун негизинде, өндүрүштүн көлөмүнүн өсүшү күтүлүүдө.

**4.1.1-таблица. Экономика тармактары боюнча 2011-жылга ИДП болжолдоолору**

| | так маалыматтар | | | | эсептешүүчү маалыматтар | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | күндөлүк баалар, *млн. сом* | салыштыры-луучу баалар, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | дефлятор, *пайыздар* | салыштыры-луучу баалар, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | аманат, *пайыз-дар* |
| | 2010-ж. | | | | 2011-ж. | | |
| Айыл чарбасы, мергенчилик ж-а токой чарбасы | 39 334,8 | 36 712,0 | -2,8 | 7,1 | 41 694,9 | 6,0 | 1,1 |
| Өнөр жайы | 41 093,3 | 37 444,5 | 9,9 | 9,7 | 41 715,0 | 1,5 | 0,3 |
| *Тоо-кендерин казып алуу өнөр-жайы* | *1 451,0* | *1 067,9* | *-0,4* | *35,9* | *1 523,6* | *5,0* | *0,0* |
| *Кайра иштетүү өнөр жайы* | *33 830,7* | *31 527,1* | *10,1* | *7,3* | *34 089,3* | *0,8* | *0,1* |
| *анын ичинде «Кумтөр»* | *19 904,0* | *15 829,4* | *7,6* | *25,7* | *19 963,7* | *0,3* | *0,0* |
| *Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү* | *5 811,6* | *4 849,5* | *11,0* | *19,8* | *6 102,2* | *5,0* | *0,1* |
| Курулуш | 11 998,9 | 10 414,6 | -22,8 | 15,2 | 15 598,6 | 30,0 | 1,7 |
| Соода | 34 625,7 | 31 687,5 | -6,4 | 9,3 | 38 261,4 | 10,5 | 1,7 |
| Транспорт жана байланыш | 19 385,9 | 18 108,2 | 2,5 | 7,1 | 20 355,2 | 5,0 | 0,5 |
| Жана башкалар | 43 385,9 | 42 281,2 | 0,1 | 2,6 | 44 687,5 | 3,0 | 0,6 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 22 352,9 | 21 842,7 | -1,4 | 2,3 | 23 823,4 | 6,6 | 0,7 |
| **ИДП** | **212 177,4** | **198 490,7** | **-1,4** | **6,9** | **226 136,0** | **6,6** | **6,6** |
| **Кумтөрдөн тышкары, ИДП** | **192 273,4** | **182 661,3** | **-2,1** | **5,3** | **206 172,3** | **7,2** | **7,2** |
| *Маалымат үчүн* | | | | | | | |
| **Кызмат көрсөтүүлөр** | **97 397,5** | **92 076,9** | **-1,8** | **5,8** | **103 304,1** | **6,1** | **2,8** |


2012- жана 2013-жылдарда ИДПнын реалдуу өсүш арымы экономиканын узак мөөнөттүү мүмкүнчүлүктөрүнө баа берүүнүн негизинде эсептелген жана тобокелдиктердин жана башка таасирлердин жоктугу шартында 5,0 пайыз деңгээлинде түптөлөт.

**4.1.2-таблица. Экономика тармактары боюнча 2011-2013-жылдарга каралган**

| | так | болжолдоо | | |
|---|---|---|---|---|
| | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
| Айыл чарба | -2,8 | 6,0 | 1,5 | 2,2 |
| Өнөр жай | 9,9 | 1,5 | 3,0 | 3,2 |
| Курулуш | -22,8 | 30,0 | 20,0 | 15,0 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | -1,8 | 6,1 | 5,0 | 5,0 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | -1,4 | 6,6 | 5,0 | 5,0 |
| **ИДП** | **-1,4** | **6,6** | **5,0** | **5,0** |
| **Дефлятор,** *пайыздар* | **6,9** | **16,0** | **8,3** | **7,2** |
| **Номиналдык ИДП,** *млн. сом* | **212 177,4** | **262 317,7** | **298 359,4** | **335 703,1** |

Өндүрүштүн көлөмүнүн өсүшүнүн/төмөндөөсүнүн таасиринен улам келип чыккан ИДПдагы ажырымдын көрсөткүчү, экономикада баа тобокелдигине баа берүүнүн кошумча индикатору боло алат. 2011-жылдын жыйынтыгы боюнча ИДПнын өсүшүнүн айкын арымынын анын потенциалдуу маанисинен артышы күтүлүүдө, бул экономикада өндүрүшчүлөр тарабынан баа үстөмдүгүнө берилген баа болуп саналат.

**4.1.1-сүрөт. Айкын жана потенциалдуу ИДП боюнча болжолдоолор**
*(өсүш арымы, жыл башындагы мезгилге тиешелүү өткөн жылдагы мезгил)*




Керектөө бааларынын жалпы деңгээлин калыптандырууда, айрыкча орто мөөнөткө каралган келечекте товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн суроо талабы менен сунушунун ортосундагы баланс негизги ролду ойнойт. 2009-2010-жылдардагы анык маалыматтар, ошондой эле 2011-жылдарга карата болжолдоолор Кыргызстанда ички суроо-талап калыбына келе баштагандыгын көрсөтүшүүдө. Мында көбүнчө, эмгек мигранттарынын акча которууларынын өсүп жаткан көлөмү, өткөрүлгөн жана 2011-жылы өт-

көрүлчү шайлоо кампаниялары жана аларды коштогон акча сунушунун көбөйүүсү негизги ролду ойногон; 2011-жылы бюджеттик чөйрөдөгү кызматкерлердин эмгек акысын жогорулатуу да пландаштырылууда. Калктын кирешелеринин негизги бөлүгү керектөөгө кетип жаткандыгы фактысын эске алуу менен экономикада жогорку инфляциялык потенциалдын калыптанып жатышы жөнүндө айтууга болот, анткени керектөө суроо-талабынын өсүшү өндүрүштүн төмөндөөсү же экономиканын бардык секторлорунда анын өсүш арымынын басаңдоосунун алкагында жүрөт. Структуралык реформаларды жүргүзүү зарылчылыгы, мурдагыдай эле, баа туруктуулугун камсыз кылуунун зарыл фактору болуп калууда.

Инфляциянын учурдагы жана келечектеги деңгээлине таасирин тийгизүүчү башка маанилүү фактор болуп, ачка сунушунун өсүшүнүн негизги булактарынын бири болуп саналган, мамлекеттик сектордун чыгашалары саналат. 2011-жыл ичинде мамлекеттик чыгашалардын олуттуу көлөмү пландаштырылган, натыйжада, бюджеттик тартыштыктын жогорку деңгээли сакталып калган. Анык маалыматтар боюнча мамлекеттик бюджеттеги бир аз профицитке карабастан, бул, жылдын башталышында салыштырмалуу консервативдүү бюджеттик саясат жүргүзүлүүчү, өткөн жылдардагы тажрыйбанын уландысы болуп саналат. Ушуга байланыштуу, бюджеттик секторго эмгек акыларды жогорулатуунун пландаштырылгандыгын эске алып, бюджеттик чыгашалардын кийинки чейректерде кыйла тез арымда өсүшүн күтүүгө болот.

Инфляциянын динамикасы, ошондой эле, валюта курсунун мындан аркы динамикасы боюнча күтүүлөргө байланыштуу ички рынокто импорттолуучу товарларга карата баалардын коррекцияланышы деңгээлине көз каранды болот. Азырынча Кыргызстандын Бажы Союзуна кошулуусу жөнүндөгү маселе бүдөмүк бойдон калууда, ушуга байланыштуу керектөө товарларына карата баалардын да коррекцияланышы жүрөт.

## 4.2. 2011-жылга жана 2011-жылдын II чейрегине карата инфляцияны болжолдоолор

Орун алган татаал макроэкономикалык жагдай, калктын инфляциялык күтүүлөрүнүн жогорку деңгээлде сакталып калышы, бюджеттик чыгашалардын олуттуу өсүшү жана мамлекеттик бюджеттин тартышыгы, ошондой эле алгылыктуу тышкы жана ички соода шарттарынын акырындап калыбына келүүсү – булардын бардыгы экономикада 2011-жылдын акырына чейин инфляциянын жогорку чекте сакталып калышына өбөлгөлөрдү түзүп, тобокелдиктерди жаратышат.

Бүтүндөй алганда инфляциянын динамикасы азык-түлүк товарларынын рыногунда жагдайды турукташтыруу боюнча чараларга түздөн-түз көз каранды болот. Акыркы жылдарда байкоого алынган керектөө бааларынын динамикасы көрсөткөндөй, баалардын олуттуу өзгөрүүсү көбүнчө, азык-түлүк товарларына карата баалардын волатилдүүлүгүнө шартталган. Мында, азык-түлүктөн башка товарларга карата баалар, алкоголдуу ичим-

диктер, тамеки заттары, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөр[1] өсүшкө ык кой-гон туруктуу динамикага ээ, бул бүтүндөй алганда экономикада жалпы ин-фляциялык жогорку фонду түптөйт.

**4.2.1-сүрөт. Инфляциянын жылдык динамикасы жана анын түзүүчүлөрүнүн салымдары**




** 2011-жылдын 20-апрелине карата маалыматтар боюнча*

Азык-түлүктүн дүйнөлүк товардык рынокторунда, андан соң Кыргызстандын ички рыногунда, 2011-жылдын март-апрель айларында, анын ичинде сезондук факторлордун эсебинен азык-түлүк товарларына карата баалардын туруктaшуу белгилери пайда боло баштаган. Ошондой болсо да, азырынча, баалардын күндөлүк жогорку деңгээлде белгилениши гана көбүнчө байкалууда.


Бүтүндөй алганда жылдын жыйынтыгы боюнча, биринчи чейректеги айкын маалыматтарды эске алуу менен баа динамикасынын өнүгүүсүнүн жогорулоо тенденциясы күтүлүүдө.

Улуттук банктын күндөлүк баа берүүлөрү боюнча ички жана тышкы факторлордун ар кандай деңгээлде таасир этүүсүндө инфляция, ар кандай сценарийлер боюнча олуттуу өзгөрүшү мүмкүн. Азык-түлүк товарларына карата баанын алгылыктуу чекте өсүшүндө калктын топтолгон инфляциялык күтүүлөрүнүн төмөндөөсү жана кандайдыр бир олуттуу тышкы жана ички баа таасирлеринин, суроо-талап жана сунуш боюнча таасирлердин жоктугу учурунда, инфляциянын биринчи вариант боюнча мааниси 11 пайызга жакын деңгээлде күтүлүүдө. Дүйнө жүзүндөгү жана республикадагы азык-түлүк товарларына баалардын байкоого алынган динамикасын эске алуу менен азык-түлүк товарларынын салымы жогору болот деп болжолдоого болот, демек, азык-түлүктөн башка товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө карата баанын топтолгон туруктуу өсүшүнүн үстүнө кошумча-

[1] 2007-жылдан тартып ар бир жылдын декабрь айында бул товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн инфляциянын жылдык деңгээлине кошкон суммардык салымы 4-10 пайыздын чегинде өзгөрүп турат. Бул, 2011-жылы дагы бул факторлордун инфляциянын деңгээлине жыл ичиндеги салымы азык-түлүк товарларынын кошумча салымын эске албаганда, ушул эле деңгээлде түзүлөт деп болжолдоого шарт түзөт.

лана берет. Жыйынтыгында, 2011-жылы экинчи вариант боюнча инфляцияны болжолдооо 18,0 пайызды түзөт.


**4.2.2-сүрөт. Инфляциянын жылдык маанисин болжолдоолор**




2011-жылдын биринчи чейрегинде түптөлгөн инфляциянын айкын деңгээли (6,4 пайыз) бул мезгилге карата болжолдоодон бир аз (6,0 пайыз) арткан, ал «Инфляцияга баяндама» басылмасынын мурунку чыгарылышында жарыяланган.

2011-жылдын экинчи чейрегинде керектөө рыногундагы жагдай негизинен, айыл-чарба продукцияларына баанын сезондук өзгөрүүсүнөн, ошондой эле дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктогу баалардын таасиринен улам калыптанат деп болжолдонууда. Жыйынтыгында, 2011-жылдын экинчи чейрегинде баалардын 0,6 пайызга чейин өсүшү болжолдонууда.

**4.2.3-сүрөт. Инфляциянын 2011-жылдын II чейрегине карата болжолдоолор**




Экономикада баа динамикасынын башка көрсөткүч, бүтүндөй алганда ИДПнын дефлятору 16,0 пайыз деңгээлинде болжолдонууда.

# Статистикалык тиркеме

## 1-таблица. Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку айга карата ай, пайыздар)*

| | 2011-жыл | | |
|---|---|---|---|
| | **янв.** | **фев.** | **март** |
| **Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө бааларынын индекси** | **102,7** | **101,4** | **102,2** |
| Товарлар | 102,7 | 101,7 | 102,4 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 104,9 | 103,0 | 103,9 |
| Алкоголдуу ичимдиктер, тамеки заттары | 100,2 | 100,1 | 100,9 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 100,5 | 100,3 | 100,6 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 102,1 | 99,6 | 100,4 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 104,9 | 103,0 | 103,9 |
| Нан азыктары жана таруу | 101,7 | 104,0 | 107,3 |
| жогорку сорттогу буудай уну | 102,2 | 104,7 | 107,8 |
| биринчи сорттогу буудай уну | 101,9 | 106,2 | 111,1 |
| нан | 100,9 | 103,0 | 104,7 |
| Эт | 104,9 | 103,1 | 100,9 |
| Балык | 101,1 | 100,9 | 100,9 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 103,8 | 102,0 | 97,0 |
| Май жана тоң майлар | 100,7 | 100,2 | 102,6 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 115,8 | 102,1 | 105,2 |
| жемиштер | 101,5 | 101,5 | 101,8 |
| жашылчалар | 122,5 | 102,3 | 106,5 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 105,7 | 104,6 | 101,3 |
| кумшекер | 108,4 | 106,1 | 100,2 |
| Башка тамак-аш азыктары | 100,8 | 102,5 | 99,0 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 101,8 | 100,9 | 102,7 |
| Алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки заттары | 100,2 | 100,1 | 100,9 |
| алкоголдуу ичимдиктер | 100,1 | 100,0 | 100,2 |
| тамеки заттары | 100,6 | 100,2 | 102,8 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 101,0 | 101,5 | 101,8 |
| кийим-кече | 101,2 | 100,9 | 100,2 |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 100,7 | 100,0 | 100,3 |
| эр адамдар үчүн кийим | 101,4 | 101,1 | 99,3 |
| аялдар үчүн кийим | 101,0 | 100,3 | 100,5 |
| балдар жана ымыркайлар үчүн кийим | 101,2 | 101,5 | 100,7 |
| кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү | 106,4 | 103,8 | 101,2 |
| ремонтун кошо алганда, бут кийим | 100,6 | 103,0 | 105,6 |
| эр адамдар үчүн бут кийим | 100,0 | 106,6 | 104,3 |
| аялдар үчүн бут кийим | 100,6 | 102,2 | 107,0 |
| балдар үчүн бут кийим | 101,3 | 99,1 | 103,7 |
| бут кийимди оңдоо | 103,0 | 102,4 | 106,9 |
| Турак-жай кызмат көрсөтүүлөрү, суу, электрэнергиясы, газ жана башка отундар | 99,9 | 99,4 | 99,1 |
| турак-жай үчүн ижара төлөмү | 100,0 | 100,6 | 100,0 |
| турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар | 99,3 | 99,8 | 102,4 |
| кирпич | 100,0 | 100,0 | 103,1 |
| пиломатериалдар | 98,0 | 100,1 | 102,6 |
| цемент | 99,1 | 98,7 | 101,8 |
| терезеге салынуучу кесилбеген айнек | 99,8 | 99,3 | 100,0 |
| кум | 100,0 | 100,0 | 109,7 |
| шифер | 99,7 | 100,0 | 100,0 |
| турак-жайды күтүү жана ремонттоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| суу менен камсыз кылуу | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| электр энергиясы, газ жана башка отундар | 100,0 | 99,3 | 98,7 |
| газ | 100,2 | 98,9 | 99,4 |
| Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы | 100,2 | 101,0 | 100,5 |
| үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр | 100,1 | 101,7 | 100,5 |
| тиричилик текстилдик буюмдар | 100,1 | 100,0 | 100,8 |
| тиричилик шаймандары | 100,5 | 101,2 | 100,1 |
| айнек буюмдар, ашкана жана тиричилик шаймандары | 100,4 | 100,1 | 100,3 |
| Саламаттыкты сактоо | 99,6 | 101,4 | 100,8 |
| Транспорт | 102,0 | 96,9 | 100,2 |
| автоtransпортту сатып алуу | 100,4 | 100,1 | 100,1 |
| күйүүчү-майлоочу материалдар | 98,6 | 88,1 | 99,2 |
| бензин | 98,6 | 88,0 | 99,1 |
| дизель отуну | 97,6 | 90,1 | 101,5 |
| техникалык кызмат көрсөтүүлөр жана транспорт каражаттарын ремонттоо | 100,1 | 100,0 | 100,0 |
| транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 104,0 | 97,6 | 100,5 |
| Байланыш | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият | 100,0 | 100,8 | 101,6 |
| маданий иш-чараларды уюштуруу б-ча кызмат көрсөтүүлөр | 100,1 | 102,1 | 101,2 |
| газеталар, китептер жана кеңсе товарлары | 100,0 | 101,3 | 103,1 |
| Билим берүү | 100,5 | 101,0 | 100,1 |
| Ресторандар жана мейманканалар | 102,0 | 100,3 | 100,2 |
| коомдук тамактануу | 102,0 | 100,2 | 100,2 |
| мейманкана тейлөөлөрү | 100,9 | 101,7 | 100,3 |
| Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | 102,2 | 100,4 | 100,4 |
| жеке тейлөө | 102,5 | 100,3 | 100,4 |
| башка категорияларга кирбеген жеке колдонуудагы буюмдар | 100,8 | 101,1 | 100,1 |
| башка категорияларга кирбеген кызмат көрсөтүүлөр | 101,0 | 101,3 | 100,0 |

*Булагы: КР УСК*

**2-таблица. Керектөө бааларынын индекси**
*(ай өткөн жылдын тиешелүү айына карата, пайыздар)*

| | 2011-жыл | | |
|---|---|---|---|
| | янв. | фев. | март |
| **Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө бааларынын индекси** | **120,6** | **119,4** | **120,8** |
| Товарлар | 121,8 | 120,5 | 122,2 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 130,5 | 132,1 | 135,3 |
| Алкоголдуу ичимдиктер, тамеки заттары | 113,0 | 112,9 | 113,5 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 113,5 | 108,6 | 108,8 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 112,8 | 111,2 | 111,1 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 130,5 | 132,1 | 135,3 |
| Нан азыктары жана таруу | 129,0 | 134,5 | 145,2 |
| жогорку сорттогу буудай уну | 136,2 | 143,3 | 154,8 |
| биринчи сорттогу буудай уну | 151,0 | 160,9 | 179,8 |
| нан | 123,3 | 125,8 | 131,7 |
| Эт | 132,8 | 135,1 | 133,3 |
| Балык | 115,4 | 112,9 | 113,6 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 115,2 | 117,6 | 115,8 |
| Май жана тоң майлар | 137,4 | 137,4 | 140,4 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 152,5 | 144,5 | 143,6 |
| жемиштер | 138,0 | 137,8 | 138,4 |
| жашылчалар | 160,3 | 147,4 | 145,1 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 114,3 | 117,6 | 117,5 |
| кумшекер | 117,0 | 121,2 | 119,3 |
| Башка тамак-аш азыктары | 109,2 | 111,7 | 110,6 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 114,2 | 114,7 | 116,5 |
| Алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки заттары | 113,0 | 112,9 | 113,5 |
| алкоголдуу ичимдиктер | 106,8 | 106,6 | 106,1 |
| тамеки заттары | 129,8 | 130,1 | 133,8 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 115,0 | 115,9 | 117,6 |
| кийим-кече | 121,0 | 120,9 | 120,6 |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 112,2 | 104,4 | 104,6 |
| эр адамдар үчүн кийим | 125,2 | 125,7 | 124,7 |
| аялдар үчүн кийим | 120,9 | 120,2 | 120,1 |
| балдар жана ымыркайлар үчүн кийим | 117,7 | 119,2 | 119,9 |
| кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү | 127,7 | 131,2 | 126,0 |
| ремонтун кошо алганда, бут кийим | 102,1 | 104,9 | 110,9 |
| эр адамдар үчүн бут кийим | 97,4 | 103,6 | 110,0 |
| аялдар үчүн бут кийим | 104,8 | 106,9 | 111,4 |
| балдар үчүн бут кийим | 105,1 | 104,0 | 111,5 |
| бут кийимди оңдоо | 119,1 | 121,8 | 130,1 |
| Турак-жай кызмат көрсөтүүлөрү, суу, электрэнергиясы, газ жана башка отундар | 111,4 | 93,5 | 92,2 |
| турак-жай үчүн ижара төлөмү | 100,4 | 101,0 | 100,6 |
| турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар | 112,9 | 113,3 | 115,8 |
| кирпич | 119,4 | 121,6 | 119,4 |
| пиломатериалдар | 133,7 | 133,9 | 137,4 |
| цемент | 106,6 | 108,2 | 111,8 |
| терезеге салынуучу кесилбеген айнек | 121,8 | 121,0 | 119,7 |
| кум | 76,2 | 76,2 | 83,6 |
| шифер | 103,7 | 103,7 | 103,7 |
| турак-жайды күтүү жана ремонттоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 103,5 | 103,5 | 103,5 |
| суу менен камсыз кылуу | 137,4 | 137,4 | 100,7 |
| электр энергиясы, газ жана башка отундар | 110,8 | 90,1 | 89,3 |
| газ | 109,8 | 108,4 | 107,0 |
| Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы | 107,4 | 108,0 | 108,2 |
| үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр | 106,3 | 107,8 | 108,2 |
| тиричилик текстилдик буюмдар | 106,8 | 106,8 | 107,6 |
| тиричилик шаймандары | 105,4 | 106,5 | 106,3 |
| айнек буюмдар, ашкана жана тиричилик шаймандары | 112,4 | 111,9 | 112,2 |
| Саламаттыкты сактоо | 115,6 | 115,6 | 107,7 |
| Транспорт | 113,7 | 110,0 | 110,5 |
| авторанспортту сатып алуу | 108,5 | 108,1 | 107,7 |
| күйүүчү-майлоочу материалдар | 133,4 | 118,2 | 116,1 |
| бензин | 131,4 | 116,3 | 114,9 |
| дизель отуну | 148,6 | 134,4 | 129,6 |
| техникалык кызмат көрсөтүүлөр жана транспорт каражаттарын ремонттоо | 100,1 | 100,1 | 100,1 |
| транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 113,3 | 110,3 | 111,4 |
| Байланыш | 99,8 | 94,4 | 94,4 |
| Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият | 118,6 | 118,7 | 120,3 |
| маданий иш-чараларды уюштуруу б-ча кызмат көрсөтүүлөр | 104,9 | 103,0 | 103,9 |
| газеталар, китептер жана кеңсе товарлары | 122,0 | 123,6 | 127,3 |
| Билим берүү | 107,0 | 107,5 | 107,6 |
| Ресторандар жана мейманканалар | 118,6 | 118,5 | 118,7 |
| коомдук тамактануу | 118,8 | 118,7 | 118,9 |
| мейманкана тейлөөлөрү | 112,2 | 112,4 | 112,4 |
| Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | 117,8 | 116,1 | 114,4 |
| жеке тейлөө | 117,9 | 115,7 | 113,6 |
| башка категорияларга кирбеген жеке колдонуудагы буюмдар | 122,8 | 123,7 | 114,6 |
| башка категорияларга кирбеген кызмат көрсөтүүлөр | 101,6 | 102,9 | 123,7 |

*Булагы: КР УСК*

## 3-таблица. Баалардын жана импорттун көлөмүнүн 2011-жылдын январь-февраль айлары үчүн физикалык индекси

| Товардын аталышы | *2011-ж. 2 айы* | *2011-ж. 2 айы* | *2010-ж. 2 айы* | *Индекстер* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | *млн. АКШ долл.* | *млн. АКШ долл.* | *млн. АКШ долл.* | *баасы* | *физ. көлөмү* | *наркы* |
| | *n11*p11* | *n11*p10* | *n10*p10* | | | |
| | **A** | **B** | **C** | **A/B** | **B/C** | **A/C** |
| Мунай жана мунай заттары жана ушундай эле материалдар | 86,5 | 66,4 | 93,4 | 1,30 | 0,71 | 0,93 |
| Дары-дармектер (ветеринардыкты кошо алганда) | 27,6 | 8,7 | 11,7 | 3,16 | 0,75 | 2,37 |
| Газ абалындагы жаратылыш газы | 17,1 | 6 393,8 | 14,9 | 0,00 | 428,88 | 1,14 |
| Жүк ташуучу жана атайы багытка каралган автомобилдер | 15,6 | 7,0 | 3,7 | 2,24 | 1,88 | 4,20 |
| Кант, кант кошулган азыктар жана бал | 15,1 | 12,5 | 10,8 | 1,20 | 1,16 | 1,39 |
| Чоюн жана болот | 12,8 | 11,0 | 14,4 | 1,16 | 0,76 | 0,89 |
| Эт жана эт азыктары | 12,5 | 11,2 | 10,8 | 1,11 | 1,04 | 1,15 |
| Дан эгиндери (полба (буудайдын бир түрү) жана угут, тартылбаган шак | 11,7 | 5,1 | 6,4 | 2,28 | 0,81 | 1,84 |
| Эфир майлары, резиноиддер жана парфюмердик каражаттар | 10,3 | 8,1 | 6,7 | 1,27 | 1,21 | 1,54 |
| Электрлиниялык телефон же телеграф аппараттары | 10,1 | 21,2 | 4,4 | 0,48 | 4,85 | 2,32 |
| Кофе, чай, какао, таттуулар жана алар кошулган азыктар | 9,9 | 7,9 | 7,0 | 1,26 | 1,12 | 1,41 |
| Жер семирткичтер | 8,1 | 6,9 | 4,1 | 1,18 | 1,68 | 1,98 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 7,8 | 6,1 | 5,7 | 1,27 | 1,07 | 1,37 |
| Жасалма текстиль материалдарынан кездемелер | 7,0 | 5,1 | 5,4 | 1,37 | 0,95 | 1,30 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 5,8 | 4,8 | 5,2 | 1,21 | 0,93 | 1,12 |
| Жашылча жана жемиштер | 5,4 | 3,8 | 7,9 | 1,41 | 0,49 | 0,68 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор жана сузгуч жүктөгүчтөр | 5,1 | 1,3 | 1,7 | 4,02 | 0,74 | 2,96 |
| Өсүмдүк майлары жана тоң майлар | 4,8 | 3,5 | 5,1 | 1,37 | 0,68 | 0,93 |
| Көмүр, кокс жана брикеттер | 4,7 | 5,2 | 6,8 | 0,91 | 0,76 | 0,69 |
| Башка категорияга кирбеген тамак-аш азыктары жана препараттар | 4,2 | 2,7 | 3,1 | 1,56 | 0,87 | 1,36 |
| Котоpуштуруу, иргөө жана түздөө үчүн машиналар | 4,0 | 0,3 | 0,2 | 13,03 | 1,75 | 22,80 |
| Курулуш жана тоо кендерин казып алуу өнөр жайы үчүн каралган машиналар | 3,9 | 1,2 | 0,9 | 3,16 | 1,33 | 4,21 |
| Башка категорияларга кирбеген, баалуулукка жатпаган металлдар | 3,8 | 3,7 | 3,9 | 1,04 | 0,95 | 0,98 |
| Баштапкы формадагы пластмасса | 3,8 | 3,9 | 2,2 | 0,97 | 1,78 | 1,72 |
| Тапталган жана калыбына келтирилген жыгачтар | 3,7 | 3,1 | 2,6 | 1,17 | 1,21 | 1,42 |
| Синтетикалык материалдан жасалган бут кийим | 3,7 | 3,1 | 4,3 | 1,19 | 0,72 | 0,85 |
| Дан азыктарынан, ундан жана крахмалдан жасалган азыктар | 3,4 | 3,0 | 2,3 | 1,14 | 1,33 | 1,52 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 3,3 | 7,6 | 10,4 | 0,43 | 0,73 | 0,31 |
| Кесек жана майдаланган ун, буудай жана угут | 3,2 | 1,9 | 0,3 | 1,64 | 5,63 | 9,26 |
| Алкоголдук суусундуктар | 2,9 | 2,1 | 3,0 | 1,35 | 0,70 | 0,95 |
| Кант кошулган мин. суулар жана алкоголсуз суусундуктар | 2,7 | 2,7 | 2,5 | 0,98 | 1,11 | 1,09 |
| Баштапкы эмес формада пластмасса | 2,5 | 2,2 | 1,9 | 1,17 | 1,14 | 1,34 |
| Ийне жалб-туу өсүмдүк жыгач-нын арааланганы ж-а туурасынан кесилгени | 2,3 | 2,0 | 2,3 | 1,17 | 0,86 | 1,01 |
| Маргарин жана жуурулган май | 2,2 | 1,7 | 1,7 | 1,28 | 1,02 | 1,30 |
| Кофталар, күрмөлөр, чыптамалар ж-а у. с. башка катег. кирбеген буюмдар | 2,0 | 1,6 | 1,5 | 1,30 | 1,06 | 1,37 |
| Айнек идиштер, айнек тыгындар жана термос үчүн айнек тетиктер | 2,0 | 1,5 | 1,4 | 1,33 | 1,03 | 1,37 |
| Жеңил авт-р, эл ташуу үчүн каралган унаалар | 1,9 | 2,4 | 2,5 | 0,81 | 0,97 | 0,79 |
| Медициналык жана фармацевтикалык дары-дармектер | 1,9 | 1,8 | 1,8 | 1,03 | 0,99 | 1,02 |
| Жана башка минералдык сырье | 1,8 | 0,8 | 0,3 | 2,25 | 2,86 | 6,45 |
| Иштетилбеген тамеки, тамеки калдыктары | 1,6 | 3,3 | 0,1 | 0,50 | 43,45 | 21,74 |
| Башка категорияларга кирбеген электр бөлүштүрүүчү жабдуулар | 1,6 | 1,3 | 1,2 | 1,22 | 1,15 | 1,40 |
| Балыктардын түрлөрү | 1,5 | 1,5 | 0,9 | 1,02 | 1,62 | 1,66 |
| Жез | 1,5 | 2,1 | 0,6 | 0,70 | 3,50 | 2,45 |
| Башка категорияларда камтылбаган түрдүү химиялык заттар | 1,5 | 2,1 | 1,5 | 0,70 | 1,45 | 1,01 |
| Кол жана машина менен иштетилүүчү инструменттер | 1,5 | 1,1 | 1,1 | 1,38 | 0,95 | 1,31 |
| Мыктар, винттер, гайкалар, бурамалар, бөрктөп кадоо үчүн бурамалар ж.у.с. | 1,4 | 0,9 | 1,3 | 1,56 | 0,70 | 1,10 |
| Батареялар жана электроаккумуляторлор; жана алардын тетиктери | 1,4 | 42,3 | 0,9 | 0,03 | 46,12 | 1,51 |
| Жыгач тактайлар | 1,4 | 2,0 | 1,2 | 0,68 | 1,76 | 1,20 |
| Май жана сырдан тышкары сүт, каймак жана сүт азыктары | 1,3 | 1,4 | 1,5 | 0,96 | 0,92 | 0,88 |
| Текстиль жиптери | 1,3 | 1,0 | 0,7 | 1,25 | 1,53 | 1,91 |
| Түс өзгөртүүчү жана ийлөөчү заттар, боектор | 1,3 | 1,7 | 1,5 | 0,76 | 1,11 | 0,84 |
| Маалымат-ды авт-тык түрдө иштеп чыгуучу маш-лар ж-а алардын түйүндөрү | 1,3 | 3,6 | 1,8 | 0,35 | 1,98 | 0,69 |
| Жылтыратылган керамикалык плиткалар | 1,2 | 1,1 | 1,0 | 1,09 | 1,12 | 1,22 |
| Инсектициддер, родентициддер, фунгициддер, гербициддер | 1,2 | 1,1 | 1,5 | 1,08 | 0,76 | 0,82 |
| Гончардык буюмдар | 1,2 | 1,3 | 1,5 | 0,93 | 0,88 | 0,82 |
| Бульдозерлер, грейдерлер жана тегиздөөчү жабдуулар | 1,2 | 0,8 | 0,4 | 1,46 | 2,00 | 2,93 |
| Кир жуугуч жабдуулар | 1,2 | 1,4 | 0,8 | 0,85 | 1,91 | 1,62 |
| Башка категорияларда камтылбаган электр жылыткыч приборлор | 1,2 | 1,4 | 1,1 | 0,89 | 1,25 | 1,11 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ доллары)*** | **363,1** | **6 710,8** | **295,8** | **0,05** | **22,69** | **1,23** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | ***78%*** | | ***72%*** | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **468,1** | | **408,1** | | | |

УСКнын СИФ баасындагы маалыматтары боюнча; таблицада импорттун баштапкы 58 ири статьясы келтирилген

n- товардын импортунун физикалык көлөмү

p-товардын эсептешүү импорттук баасы

**4-таблица. Баалардын индекси жана экспорттун 2011-жылдын январь-февраль айлары үчүн физикалык көлөмүнүн индекси**

| *Товардын аталышы* | *2011-ж. 2 айы млн. АКШ долл. n11*p11* | *2011-ж. 2 айы млн. АКШ долл. n11*p10* | *2010-ж. 2 айы млн. АКШ долл. n10*p10* | *Индекстер* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | *баасы* | *физ. көлөмү* | *наркы* |
| | A | B | C | A/B | B/C | A/C |
| Монетардык эмес алтын | 255,1 | 205,4 | 142,6 | 1,24 | 1,44 | 1,79 |
| Жашылча-жемиштер | 21,4 | 29,0 | 6,6 | 0,74 | 4,39 | 3,25 |
| Мунай, мунай заттары жана ушундай эле материалдар | 15,0 | 10,4 | 13,2 | 1,44 | 0,78 | 1,13 |
| Пахта | 3,8 | 2,6 | 1,9 | 1,47 | 1,39 | 2,05 |
| Электр тогу | 3,2 | 1 514,4 | 1,6 | 0,00 | 948,62 | 2,03 |
| Ысытуу лампалары | 2,8 | 2,7 | 3,1 | 1,05 | 0,86 | 0,89 |
| Блузкалар, кофталар жана кофта-блузкалар | 2,6 | 2,9 | 3,0 | 0,91 | 0,96 | 0,87 |
| Май жана сырдан тышкары сүт жана сүт азыктары | 2,4 | 2,4 | 3,6 | 1,01 | 0,68 | 0,69 |
| Металл сыныктары жана кара металл калдыктары | 2,0 | 1,3 | 0,5 | 1,53 | 2,81 | 4,29 |
| Көйнөктөр | 1,8 | 2,0 | 1,6 | 0,93 | 1,23 | 1,15 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджалар жана чолок шымдар | 1,7 | 1,7 | 1,3 | 0,97 | 1,30 | 1,26 |
| Күмүш | 1,6 | 1,0 | 0,4 | 1,67 | 2,63 | 4,40 |
| Аялдар үчүн трикотаж же токулган кийимдер | 1,6 | 1,6 | 1,7 | 1,03 | 0,91 | 0,93 |
| Түйүлгөн жана токулган байпактар | 1,3 | 1,3 | 1,2 | 0,95 | 1,14 | 1,08 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 1,2 | 1,2 | 0,8 | 0,99 | 1,51 | 1,50 |
| Металл сыныктары жана баалуулукка жатпаган түстүү металлдар | 1,2 | 0,3 | 0,4 | 4,58 | 0,70 | 3,22 |
| Тирүү жандыктар | 1,2 | 0,7 | 0,7 | 1,73 | 1,01 | 1,75 |
| Металлургияда колдонулуучу баалуулукка жатпаган түрдүү металлдар | 1,1 | 0,6 | 0,6 | 1,87 | 1,03 | 1,93 |
| Пальтолор, кыска пальтолор, жамынгычтар жана плащтар | 1,1 | 1,2 | 0,5 | 0,92 | 2,24 | 2,06 |
| Иштетиле элек тамеки; тамеки калдыктары | 1,0 | 1,2 | 1,4 | 0,84 | 0,81 | 0,68 |
| Эркектер үчүн шымдар, арчындама шымдар, бриджалар жана чолок шымдар | 0,9 | 0,9 | 0,7 | 1,08 | 1,28 | 1,38 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 0,8 | 14,8 | 29,9 | 0,05 | 0,49 | 0,03 |
| Юбкалар жана юбка-шымдар | 0,8 | 0,9 | 0,8 | 0,90 | 1,14 | 1,03 |
| Кант кошулган мин. суулар жана алкоголсуз суусундуктар | 0,7 | 0,5 | 0,6 | 1,40 | 0,86 | 1,21 |
| Ири мүйүздүү мал териси же ат териси жана иштетилбеген тери | 0,6 | 0,8 | 0,2 | 0,80 | 5,03 | 4,01 |
| Кофе, чай, какао жана алардан жасалган таттуу азыктар | 0,6 | 0,5 | 0,1 | 1,17 | 5,21 | 6,09 |
| Алюминий | 0,6 | 0,2 | 0,1 | 3,19 | 1,99 | 6,36 |
| Текстиль материалдарынан жасалган бут кийим | 0,5 | 0,6 | 0,2 | 0,86 | 2,93 | 2,50 |
| Башка категорияда камтылбаган электр бөлүштүрүүчү жабдуулар | 0,5 | 0,0 | 0,0 | 0,00 | 0,00 | 96,11 |
| Жана башка минералдык чийки заттар | 0,5 | 0,4 | 0,3 | 1,17 | 1,58 | 1,84 |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | 0,5 | 0,4 | 0,2 | 1,06 | 2,26 | 2,39 |
| Пахтадан токулган кездемелер | 0,4 | 0,6 | 0,4 | 0,71 | 1,79 | 1,27 |
| Дан азыктарынан, ундан жана крахмалдан жасалган азыктар | 0,4 | 0,3 | 0,3 | 1,58 | 0,93 | 1,48 |
| Башка категорияга кирбеген тамак - аш азыктары жана препараттар | 0,4 | 0,6 | 0,4 | 0,69 | 1,76 | 1,22 |
| Эр адамдар ү-н пальтолор, кыска пальтолор, жамынмалар, плащтар ж-а у. с. | 0,4 | 0,2 | 0,1 | 1,78 | 3,76 | 6,70 |
| Кант, кант кошулган азыктар жана бал | 0,4 | 0,4 | 0,3 | 0,89 | 1,55 | 1,37 |
| Ири мүйүздүү мал терилеринен булгаарылар | 0,4 | 0,6 | 0,1 | 0,64 | 4,83 | 3,09 |
| Эт жана эт азыктары | 0,4 | 0,7 | 0,1 | 0,58 | 4,95 | 2,86 |
| Чоюн жана болот | 0,3 | 0,4 | 0,1 | 0,93 | 4,02 | 3,72 |
| Таш, кум жана шагыл | 0,3 | 0,3 | 0,5 | 1,04 | 0,66 | 0,69 |
| Эр адамдар үчүн токулган же түйүлгөн кийимдер | 0,3 | 0,3 | 0,1 | 1,01 | 3,05 | 3,07 |
| Дары-дармектер (ветеринардыкты кошо алганда) | 0,3 | 0,4 | 0,0 | 0,76 | 17,67 | 13,43 |
| Коргошун | 0,3 | 0,3 | 0,5 | 1,10 | 0,53 | 0,58 |
| Башка катег. кирбеген, баалуулукка жатпаган металлдардан жасалган буюмдар | 0,3 | 0,5 | 0,2 | 0,61 | 2,08 | 1,27 |
| Алкоголдук ичимдиктер | 0,3 | 0,5 | 0,1 | 0,50 | 5,94 | 2,97 |
| Күрүч | 0,3 | 0,3 | 0,4 | 1,00 | 0,63 | 0,63 |
| Шейшептер, кол аарчыгычтар жана сүлгүлөр | 0,2 | 0,3 | 0,2 | 0,99 | 1,45 | 1,43 |
| Жүк ташуучу жана атайы багытка каралган автомобилдер | 0,2 | 0,5 | 0,7 | 0,51 | 0,63 | 0,32 |
| Койдун жана козунун иштетилбеген териси | 0,2 | 0,2 | 0,1 | 1,15 | 3,25 | 3,74 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ доллары)*** | **336,3** | **1 811,1** | **224,1** | **0,19** | **8,08** | **1,50** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | ***96%*** | | ***92%*** | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **352,1** | | **243,2** | | | |

УСКнын кошумча баалоолорусуз ФОБ баасындагы маалыматтары боюнча; таблицада экспорттун баштапкы 49 ири статьясы келтирилген
n- товардын экспортунун физикалык көлөмү
p-товардын эсептешүү экспорттук баасы

# Глоссарий

**Базалык инфляция** - баанын кыска мөөнөттүү, структуралык жана сезондук өзгөрүүлөрүн эске албаган инфляция катары аныкталат. Башкача айтканда, инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн (начар түшүмдүн алынышы, КММ рыногунда баа таасири, газга жана электрэнергиясына ж.б. тарифтердин административдик өзгөртүлүшү сыяктуу) сезондук же тышкы факторлор менен шартталган, товарларга баанын өсүшү алынып салынат.

Улуттук банк базалык инфляция динамикасын жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептейт. Бул ыкма КБИден аларга белгиленген баа ар кандай таасирлерге өтө эле ийкемдүү болгон товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым категорияларын же бүтүндөй тобун алып салууну түшүндүрөт. Адатта, мындай товарларга айрым азык-түлүк товарлары, энергопродукциялары жана Өкмөт тарабынан административдик жол менен белгиленген тарифтер кирет.

**Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казына векселдери** - бул, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банк алдындагы карызын кайра тариздөөнүн натыйжасында, Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган жүгүртүү мөөнөтү 3, 6 жана 12 айлык купондук баалуу кагаздар. Бул баалуу кагаздарды калыбына келтирүү төмөнкүчө: Улуттук банктын портфелиндеги МКВ(ж)лардын төлөө күнү Финансы министрлиги төлөө менен бирге эле төлөнгөн баалуу кагаздардын санына барабар санда МКВ(ж)лардын жаңы санын чыгарат.

**Мамлекеттик казына векселдери** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кыска мөөнөттүү (3, 6 жана 12 айлык) дисконттук баалуу кагаздары. Финансы министрлиги МКВлардын эмитенти болуп саналат. МКВларды жайгаштыруу Улуттук банк тарабынан өткөрүлгөн аукциондор аркылуу жума сайын ишке ашырылат. Аукциондорго катышуу укугуна тике катышуучулар ээ (Улуттук банк менен келишим түзүшкөн алгачкы дилерлер, финансы-кредиттик мекемелер). Юридикалык сыяктуу эле, жеке адамдар дагы Кыргыз Республикасынын МКВларынын ээси боло алышат. Чет өлкө инвесторлорунун МКВлар рыногуна кирүү мүмкүнчүлүгү чектелген эмес. МКВлардын экинчилик рыногундагы бүтүмдөр Улуттук банктын электрондук соода системасы аркылуу жүзөгө ашырылат, ал алгачкы дилерлерге жана алардын кардарларына МКВларды өз жумуш ордуларынан сатып алуу/сатуу боюнча операцияларды түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Мамлекеттик казына облигациялары** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн пайыздык кирешеси (купон) жана жүгүртүү мөөнөтү 1 жылдан жогору болгон узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздар. Финансы министрлиги МКОнун эмитенти болуп саналат. Улуттук банк, МКОнун чыгарылыштарын тейлөө боюнча Генералдык агенттиги болуп саналат.

**Акча базасы** – Улуттук банктын жүгүртүүгө чыгарылган нак акча каражаттары боюнча милдеттенмелери жана Улуттук банктын Кыргыз Республикасынын улуттук валютадагы башка депозиттик корпорациялар алдындагы милдеттенмелери.

**Акча топтому** – ликвиддүүлүк деңгээли боюнча классификацияланган акча массасы: М0; М1; М2; М2Х.

**М0** – банктардан тышкаркы акча.

**М1** – М0 + талап боюнча төлөнүүчү улуттук валютадагы депозиттер.

**М2** – М1 + улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер.

**М2Х** – М2 + чөт өлкө валютасындагы депозиттер.

**Жүгүртүүдөгү акча** – Улуттук банктын кассасындагы нак акчаларды эсептеп алып салуу менен Улуттук банк тарабынан жүгүртүүгө чыгарылган нак акча.

**Ички дүң продукциянын дефлятору -** бул, экономикадагы баалардын өсүшү эсебинен ИДПдагы өзгөрүүлөрдү мүнөздөгөн экономика тармактарынын бааларынын жыйынтыктап алынган индекси. ИДПнын дефлятору өтүп жаткан жылдын баасындагы номиналдык ИДПнын өткөн жылдын баасындагы ИДПнын өлчөмүнө карата катышы катары эсептелинет.

**Башка депозиттик корпорациялар –** бул, борбордук банктан тышкаркы, бардык финансылык корпорациялар – резиденттер, финансылык ортомчулук алардын ишинин негизги түрү болуп саналат жана алар кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын (М2Х) улуттук аныктамасына кирген милдеттенмелерди эмитирлешет.

**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси -** жергиликтүү өндүрүүчүлөр өз продукцияларынын алынган сатуу баасындагы орточо өзгөрүүлөрдү өлчөйт**.** КБИ эсептөөлөрүндө колдонулган маалыматтар экономиканын өндүрүш секторунун дээрлик ар бир тармагынын ишин чагылдырган 148 ишканадан алынат. Бул ишканалардын тизмесине тиешелүү регионго мүнөздүү болгон жана менчик формасынан көз карандысыз ошол өнөр-жай тармагы үчүн типтүү болгон ишканалар камтылат.

**Инфляция** экономикада керектөө баасынын жалпы деңгээлинин жогорулоосун түшүндүрөт. Инфляция деңгээлине сандык баа берүү үчүн керектөө баасынын индекси (КБИ) колдонулат. КБИ калайык-калк өндүрүштүк эмес керектөө үчүн сатып алган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баа деңгээлинин өзгөрүүсүн чагылдырат. Индексти эсептөөдө тандалып алынган 342 товардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сатып алуу баасы колдонулат, тандалып алынгандар 7 шаардык жана 2 райондук борборлордогу соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн 1496 ишканаларына айына 45 миң баага чейинкини түзөт.

**«Овернайт» кредити** улуттук валютада күрөөлүк камсыздоо алдында, банктын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн бир күнгө берилет. Күрөөлүк камсыздоо катары Кыргыз Республикасынын Улуттук банк аркылуу жайгаштырылган, «овернайт» кредити берилген күндөн тартып 12 айга чейинки төлөө мөөнөтүнө ээ, мамлекеттик баалуу кагаздары кабыл алынат. Алар боюнча пайыздык чен Улуттук банктын эсептик ченинен 1,2 өлчөмүндө белгиленет. Бул кредит коммерциялык банктын демилгеси боюнча берилип турат.

**Финансылык эмес активдер** экономикалык активдердин төмөнкү категорияларын өзүндө камтыйт: негизги фондулар, материалдык жүгүртүү каражаттарынын запастары, баалуулуктар жана өндүрүлбөгөн активдер (табигый жана материалдык эмес).

**Ноталар** – бул, Улуттук банк тарабынан 7, 14, 28, 91 жана 182 күндүк мөөнөткө жумалык аукциондордо жүгүртүүгө чыгарылган мамлекеттик кыска мөөнөттүү баалуу кагаздар. Алардын кирешелүүлүгү коммерциялык банктардын талабы жана сунушуна жараша аныкталат. Банк тутумунан улуттук валютадагы ликвиддүүлүктү алып салуу, ноталардын аукциондорун өткөрүү максаты болуп саналат.

**Улуттук банктын репо операциялары** - бул, мамлекеттик баалуу кагаздарды келечекте белгиленген күнү жана алдын-ала макулдашылган баада кайтара сатуу/сатып алуу милдеттенмеси менен сатып алуу (тике репо)/сатуу (кайтарым репо) операциясы.

**Өндүрүштүк ажырым (же ИДП ажырымы) -** бул, ИДПнын потенциалдуу мүмкүн болуучу жана айкын көлөмүнүн ортосундагы айырма. Өндүрүштөгү ажырым экономиканы активдештирүү жана стагнациялоо индикатору болушу мүмкүн. Эгерде айкын ИДП потенциалдуудан аз болгон шартта ($Y<Y^*$), экономикада «рецессия ажырымы» түптөлгөн деп эсептөө кабыл алынган, ал дефляциялык процесстердин болушунун ыктымалдуулугун көрсөтөт. Ал эми тескерисинче, эгерде айкын ИДП потенциалдуудан чоң болгон ($Y>Y^*$) шартта, чогуу алгандагы суроо-талаптын өсүшү чогуу алгандагы сунуштун өсүшүнөн артат, бул инфляциялык басымдын күчөшүнө түрткү берет.

**Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашалары** – бул, финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларды кошпогондо, мамлекеттик башкаруу секторунун активдеринин таза наркынын азайышына алып келген бардык операциялар.

**Своп операциялары** – бул, улуттук валютадагы акча каражаттарын чет өлкө валютасындагы эквиваленттүү суммага алмашуу, же тескерисинче алдын ала макулдашылган шарттарда негизги суммаларды жана чегерилген

пайыздарды кайтара алмашуу милдеттенмеси менен ишке ашырылган операциялар.

**Калайык-калктын акчалай кирешелеринин квинтилдик топтор боюнча түзүмү** калктын кирешелеринин өлчөмү боюнча, алардын ар бири калктын 20 пайызынан турган 5 (квинтилдик) топтор боюнча дифференциацияланышын чагылдырат. Калктын кирешелерин дифференциациялоону аныктоонун мындай ыкмасы, калктын жалпы санын мисалы, коомдун жалпы кирешесин кирешеси көбүрөөк же аз кирешелүү топторго кирген калктын үлүшүнө бөлө алгандай негизде, беш бирдей топко бөлүүнү болжолдойт.

**Эсептик чен –** бул, экономикадагы акча ресурсунун наркын аныктоо үчүн негизги ориентир катары пайдаланылган каражат. Эсептик чендин өлчөмү, Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу боюнча акыркы төрт аукциондогу банктын 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн орточо белгисине теңештирилген.

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| ИДП | Ички дүң продукт |
| МКВ | Мамлекеттик казна векселдери |
| МКВ (ж) | Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казына векселдери |
| МКО | Мамлекеттик казна облигациялары |
| МИ | Мамлекеттик ишкана |
| КММ | Күйүүчү-майлоочу материалдар |
| МБК | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы |
| ДКН | Дүң кошумча нарк |
| КБИ | Керектөө бааларынын индекси |
| ӨБИ | Өндүрүүчүлөрдүн баа индекси |
| АКЖК | Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| АЧМ | Айыл-чарба министрлиги |
| КР УБ | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| ҮЧТКУ | Үй чарбасын тейлеген коммерциялык эмес уюмдар |
| УСК | Улуттук статистика комитети |
| БФКМ | Банктык эмес финансы-кредиттик мекеме |
| ЖЧК | Жоопкерчилиги чектелген коом |
| СИФ | Импортердун чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| КМШ | Көз карандысыз Мамлекеттер шериктештиги |
| АКШ | Америка Кошмо Штаты |
| СФРБ | Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду |
| ФОБ | Экспортер өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |